| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги** | **Государственное агентство архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

9 июля 2024 года № 204 — г. Бишкек

**Об утверждении строительных правил Кыргызской Республики СП КР 55-101:2024 «Здания из пенополистирольных панелей. Правила проектирования и производства работ»**

В целях совершенствования и выработки обоснованных решений задач проектирования и строительства быстровозводимых зданий из пенополистирольных панелей, для развития и совершенствования нормативно-технической базы в архитектурно-строительной деятельности, руководствуясь Положением о Государственном агентстве архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики (Госстрой), утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 25 июня 2021 года №44, **приказываю:**

1. Утвердить прилагаемые строительные правила СП КР 55-101:2024 «Здания из пенополистирольных панелей. Правила проектирования и производства работ».
2. Пресс-секретарю обеспечить опубликование настоящего приказа на веб-сайте Госстроя.
3. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 15 дней со дня официального опубликования.
4. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Госстроя Иманакун уулу Талантбека.

**Директор** — **Н.К. Орунтаев**

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги** | **Государственное агентство архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2024-ж. 9-июлу № 204 — Бишкек ш.

**КР КЭ 55-101:2024 «Пенополистирол панелдеринен турган имараттар. Долбоорлоо жана жумуш жүргүзүү эрежелери» Кыргыз Республикасынын курулуш эрежелерин бекитүү жөнүндө**

Пенополистирол панелдеринен жасалган панелдүү имараттарды долбоорлоо жана куруу көйгөйлөрүн жакшыртуу жана негиздүү чечимдерди иштеп чыгуу, архитектуралык-курулуш ишинде ченемдик-техникалык базаны өнүктүрүү жана өркүндөтүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-июнундагы №44 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Мамкурулуш) жөнүндө жобону жетекчиликке алып **буйрук кылам:**

5. Тиркелген КР КЭ 55-101:2024 «Пенополистирол панелдеринен турган имараттар. Долбоорлоо жана жумуш жүргүзүү эрежелери» курулуш эрежелери бекитилсин.
6. Басма сөз-катчы ушул буйрукту Мамкурулуштун веб-сайтында жарыялоону камсыз кылсын.
7. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
8. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Мамкурулуштун директорунун орун басары Иманакун уулу Талантбекке жүктөлсүн.

**Директор** — **Н.К. Орунтаев**

Курулуштагы ченемдик документтер тутуму

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ**

Система нормативных документов в строительстве

**СТРОИТЕЛЬНЫЕ ПРАВИЛА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ПЕНОПОЛИСТИРОЛ ПАНЕЛДЕРИНЕН ТУРГАН ИМАРАТТАР. ДОЛБООРЛОО ЖАНА ЖУМУШ ЖҮРГҮЗҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИ

# КР КЭ 55-101:2024

# ЗДАНИЯ ИЗ ПЕНОПОЛИСТИРОЛЬНЫХ ПАНЕЛЕЙ. ПРАВИЛА ПРОЕКТИРОВАНИЯ И ПРОИЗВОДСТВА РАБОТ

# СП КР 55-101:2024

Расмий басылма

Издание официальное

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ
АРХИТЕКТУРА, КУРУЛУШ ЖАНА ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБА
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО
АРХИТЕКТУРЫ, СТРОИТЕЛЬСТВА И ЖИЛИЩНО-КОММУНАЛЬНОГО ХОЗЯЙСТВА
ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БИШКЕК 2024

## Сөз башы

1 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин алдындагы (Мамкурулуш) Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институту тарабынан ИШТЕЛИП ЧЫКТЫ

2 Мамкурулуштун архитектура жана техникалык ченемдөө башкармалыгы тарабынан КИРГИЗИЛДИ

3 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-июнундагы № 44 токтому менен бекитилген Мамкурулуш жөнүндө жобонун негизинде Мамкурулуштун 2024-жылдын 9-июлунда № 204 буйругу менен БЕКИТИЛИП, 2024-жылдын 26-июлунан тартып ИШКЕ КИРГИЗИЛДИ

4 БИРИНЧИ ЖОЛУ ИШКЕ КИРГИЗИЛДИ

*Мамкурулуштун уруксатысыз ушул курулуш эрежелерин расмий басылма катары толугу менен же жарым-жартылай көчүрмөсүн жасоого, аларды тираждоого жана таратууга болбойт*

© Мамкурулуш, 2024

Ушул курулуш эрежелеринин жоболору кайра каралган (алмаштырылган) же жокко чыгарылган учурда, тиешелүү билдирме белгиленген тартипте жарыяланат. Тийиштүү маалымат, билдирмелер жана тексттер жалпы колдонгон маалыматтык тутумдарда – иштеп чыгуучунун расмий сайтында жайгаштырылат

## Мазмуну

1 Колдонуу чөйрөсү ........ 1
2 Ченемдик шилтемелер ........ 1
3 Терминдер жана аныктамалар ........ 2
4 Жалпы жоболор ........ 3
5 Арматураланган пенополистиролдук панелдерден (АПП) турган имараттардын конструктивдик чечилиштери ........ 5
5.1 Конструктивдик системаларга (АПП) сейсмикалык шарттардагы талаптар ........ 5
5.2 Конструктивдик системалар ........ 6
5.3 Конструктивдик элементтер ........ 8
6 АППдан турган имараттардын конструктивдик системаларын эсептөө ........ 10
6.1 Конструктивдик системаларды эсептөөнүн негизги принциптери ........ 10
6.2 Конструктивдик системаларды эсептөөгө талаптар ........ 12
6.3 АППдан турган имараттардын конструктивдик системалардын эсептик моделдери ........ 14
7 Элементтерди эсептөө ........ 14
7.1 Пайдубалдарды эсептөө ........ 14
7.2 Дубалдарды эсептөө ........ 15
7.3 Такталардын эсеби ........ 16
8 Конструктивдик талаптар ........ 17
8.1 Негизги жоболор ........ 17
8.2 Жабуу такталары ........ 17
8.3 Дубал панелдери ........ 18
8.4 Пайдубалдар ........ 20
9 Имараттардын ар түрдүү конструктивдик элементтерин долбоорлоодогу кошумча талаптар ........ 20
10 Колдонулуучу курулуш материалдарына болгон талаптар ........ 21
11 Конструкциялардын бирикмелерине карата талаптар ........ 21
12 Өрт коопсуздугунун талаптары ........ 22
13 Жумуштарды жүргүзүүгө талаптар ........ 23
13.1 Күчтөндүрүүчү торчолорду жайгаштыруу ........ 23
13.2 Торкретбетонду шыбоо ........ 23
13.3 Торкрет-бетондун жетилиши ........ 24
13.4 Жасалгалоо ........ 25
13.5 Дубалдарга предметтерди бекитүү ........ 25
13.6 Кош панелдерди пайдалануу менен жасалган дубалдардагы

жумуштарды жүргүзүү ... 26
13.7 Дубалдык толтуруулар жана тосмолор үчүн бир кабат панель ... 29
13.8 Бетондоодон мурда жана кийин анкердик стерженддерди койуу ... 30
13.9 Панелдерди чогултуу ... 30
14 Жумуштарды жүргүзүү боюнча жана кабыл алуудагы негизги талаптар ... 31
15 Бир кабат панелдерди куроодогу талаптар ... 32
16 Жумуштарды аткарууга контролдук ... 33
17 АПП нын эксплуатациялоонун негизги эрежелери ... 33
А тиркемеси АПП дан эсептик моделдерге жалпы көрсөтмөлөр ... 35
Б тиркемеси Материалдардын техникалык мүнөздөмөлөрү ... 37
В тиркемеси Чектүү абалдары боюнча бир кабат панелдердин эсеби ... 39
Г тиркемеси Бир кабат жана кош панелдерден АПП конструктивдик чечилиштерине талаптарр ... 42

## Киришүү

Ушул Кыргыз Республикасынын курулуш эрежелери КР КЭ 55-101:2024 «Пенополистирол панелдеринен турган имараттар. Долбоорлоо жана жумуштарды жүргүзүүнүн эрежелери» (КЭ) Кыргыз Республикасынын аймагында арматураланган пенополистирол панелдеринин (АПП) системаларын колдонууда долбоорлоо жана өндүрүү иштеринин эрежелерин белгилейт.

КР КЭ 55-101:2024 материалдардын негизги мүнөздөмөлөрүн, конструкциялык чечимдерди жана алардын эсептерин, жумуштарды аткаруу боюнча негизги жоболорду, өрт коопсуздугунун талаптарын, долбоорлоого талаптарды жана арматураланган пенополистирол панелдерин пайдалануунун негизги эрежелерин камтыйт.

КЭ иштеп чыгуу ишенимдүүлүктүн, бышыктыктын жана үнөмдөөнүн зарыл талаптарына жооп берген жалпы критерийлерди жана долбоорлоо ыкмаларын камсыз кылуу, ошондой эле мүнөздөмөлөрү АПП эсептөөлөрүндө ишке ашырылган материалдарды жана ага тиешелүү буюмдарды колдонуу максатында ишке ашырылган.

Ушул курулуш эрежелери Мамкурулуштун 2018-жылдын 11-июнундагы № 13-нпа буйругу менен кабыл алынган Курулуштагы ченемдик документтердин тутуму жөнүндө жобонун талаптарына ылайык иштелип чыкты. КР КЭ 55-101:2024 Курулуштагы ченемдик документтердин тутуму жөнүндө көрсөтүлгөн жобого ылайык 55-комплекстин курамына кирет.

КР КЭ 55-101:2024 «Кыргызбетонкурулуш» ЖЧКсынын демилгеси менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институту тарабынан даярдалды. Курулуш ченемдерин иштеп чыгууга катышкандар: Шаимбетов Дж.А. – т.и.к., Кенжетаев К.И. – т.и.к., Канболотов К.Т. – инж., Джумабаев М.Дж. – инж. констр., Мудунова К.К. – инж., Жолбулакова А.Т., – инж., Абдылдаева А.Э. – инж.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Курулуштагы ченемдик документтердин тутуму

**ПЕНОПОЛИСТИРОЛ ПАНЕЛДЕРИНЕН ТУРГАН ИМАРАТТАР. ДОЛБООРЛОО ЖАНА ЖУМУШТАРДЫ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЭРЕЖЕЛЕРИ**

**Здания из пенополистирольных панелей. Правила проектирования и производства работ**

Buildings made of expanded polystyrene panels. Rules of design and workmanship

**Киргизүү датасы – 2024.07.26**

## 1 Колдонуу чөйрөсү

1.1 Ушул курулуш эрежелери арматураланган пенополистирол панелдеринен (АПП) курулган имараттардын жана курулмалардын конструктивдик системаларын эсептөөгө жана долбоорлоого жана аларды турак жай, коомдук, өндүрүштүк жана айыл чарба багытындагы обьекттерде куруу жумуштарын жүргүзүүгө жалпы талаптарды белгилейт.

## 2 Ченемдик шилтемелер

1 "Курулуш материалдарынын, буюмдарынын жана конструкцияларынын коопсуздугунун" техникалык регламенти Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

2 “Коомдук саламаттыкты сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 Токтому; 3-тиркеме "Санитардык-коргоо зоналары жана ишканаларды, курулмаларды жана башка объекттерди санитардык классификациялоо";

3 Курулуштагы ченемдик документтердин тутуму жөнүндө жобо (Мамкурулуштун 2018-жылдын 11-июлунда №13-нпа буйругу менен бекитилген);

4 КР КЧ 12-02:2018 Курулуш өндүрүшүн уюштуруу;

5 КР КЧ 20-02:2024 Жер титирөөгө туруктуу курулуш. Долбоорлоо ченемдери;

6 КР КЧ 21-01:2018 Имараттардын жана курулмалардын өрт коопсуздугу;

7 КР КЧ 52-02:2022 Бетон жана темир-бетон конструкциялары. Негизги жоболор;

8 КР КЧ 53-01:2022 Болот конструкциялары. Долбоорлоо ченемдери;

9 КР КЭ 23-101:2013 Имараттардын жылуулук коргоосун долбоорлоо;

10 КР КЧжЭ 23-01:2013 Курулуштун жылуулук техникасы (имараттардын жылуулук коргоосу);

11 КР КЧжЭ 52-01:2009 Жүк көтөрүүчү жана тосмолоочу конструкциялар;

12 КЧжЭ 2.01.07 -85* Жүктөмдөр жана таасирлер;

13 КЧжЭ 2.02.01-83* Имараттардын жана курулмалардын негиздери;

14 КЧжЭ 3.04.03-85 Курулуш конструкцияларын жана курулмаларды коррозиядан коргоо;

15 МАСТ 409-2017 (ISO 845:2006) Ячейкалуу пластик жана губка каучуктары. Көрүнгөн тыгыздыкты аныктоо ыкмасы;

16 МАСТ 7076-99 Курулуш материалдары жана буюмдары. Стационардык жылуулук шарттарында жылуулук өткөрүмдүүлүктү жана жылуулук каршылыкты аныктоо ыкмасы;

17 МАСТ 7473-2010 Бетон аралашмалары. Техникалык шарттар;

18 МАСТ 15588 -2014 Жылуулук өткөрбөөчү пенополистирол такталары. Техникалык шарттар;

19 МАСТ 26633-2015 Оор жана майда шагыл бетондору. Техникалык шарттар;

20 МАСТ 27751-2014 Курулуш конструкцияларынын жана негиздеринин бекемдиги. Жалпы жоболор;

21 МАСТ 34028-2016 Темирбетон конструкциялары үчүн арматуралык прокат;

22 ТШ 31556352-01-2023 Арматура менен бекемделген пенополистирол такталары. Техникалык шарттары.

## 3 Терминдер жана аныктамалар

Ушул эрежелерде төмөнкү терминдер жана аныктамалар колдонулат:

**1 кош панелдер:** Тышы шыбалган же торкретбетон катмарлуу эки пенополистиролдук такталардан турган, алынбай турган опалубканын системасы, такталардын ортосундагы боштук монолиттик темирбетон менен толтурулат.

**2 бир кабат панелдер:** Көбүртүлгөн пенополистирол тактанын фасондуу ичмегининэки капталы боюнча эки болот торчодон жасала турган конструкциялар, тышкы катмарлары монтаждоодон кийин торкретбетон менен капталат.

**3 тосмолоочу конструкциялар:** Тышкы жана ички дубалдар, жабуулар,

үстүңкү кабаттардын, подвалдардын, техникалык жертөлөлөрдүн үстүндөгү жабуулар; проемдорду (терезелер, витраждар, витриналар, фонарлар, эшиктер жана дарбазалар) толтуруу жана ортосунда жылытуучу катмары бар сэндвич-такталары.

**4 полимер камтуучу курулуш материалдары:** Байланыштыруучу катары синтетикалык жогорку молекулярдуу бирикмелерди колдонуу менен алынган курулуш материалдары.

## 4 Жалпы жоболор

4.1 Курулуштагы ченемдик документтердин тутуму жөнүндө Жобого ылайык, ушул эрежелердин ыктыярдуу жана сунуш кылынуучу жоболору тапшырыкчылар менен түзүлгөн келишимдерде шилтеме кылууда, ошондой эле аларга долбоордук документацияда шилтеме кылууда милдеттүү болуп калышат.

4.2 АПП дан имараттарды ири өлчөмдөгү темирбетон конструкциялардан пенополистиролду -панелдерди жана такталарды колдонуу менен долбоорлошот.

4.3 АПП дан имараттар, алардын конструктивдик элементтери, кошулуулары жана байланыштары үчүн жалпы учурда аракеттеги ченемдик документтерде МАСТ 27751, КЧжЭ 2.01.07, КЧжЭ 2.02.01, КЧ КР 20-02, КР КЧ 52-02, КР КЧ 53-01 ж.б. көрсөтүлгөн өрт коопсуздугунун, бекемдигинин, чыдамдуулугунун, жылуулукту жана добушту өткөрбөөнүн, коррозиялык туруктуулуктун, катуулуктун, жаракага туруктуулугунун жана деформативдүүлүгүнүн жалпы талаптары сакталышы керек.

4.4 АПП дан имараттардын конструктивдик системаларын долбоорлоодо элементтерди даярдоодо жана аларды куроодо материалдык чыгымдарды жана эмгек чыгымдарын төмөндөтүү максатында техника-экономикалык жаатындагы оптималдуу конструктивдик чечимдерди тандоо керек.

4.5 Жүктөмдөрдүн жана таасирлердин, жүктөм боюнча бекемдиктин коэффициенттеринин, жүктөмдөрдүн айкалыштарынын коэффициенттеринин маанилери, ошондой эле жүктөмдөрдү туруктууларга жана убактылууларга (узакка созулган жана кыска мөөнөттүү) бөлүү КЧжЭ 2.01.07 талаптарына, кабыл алынган долбоордук чечимдерге жана долбоорлоого техникалык тапшырмага ылайык кабыл алынышы керек.

4.6 АПП дан чогултулуучу конструкциялардын элементтерин аларды көтөрүүдө, транспорттоодо жана куроодо пайда болуучу күчтөргө таасирин эсептөөдө элементтердин салмагынан жүктөмдү КР КЧ 52-02 ылайык динамикалуулуктун коэффициенти менен кабыл алуу керек.

4.7 АПП дан имараттардын конструкцияларын эсептөөнү вертикалдык жана горизонталдык туруктуу жана убактылуу (кыска мөөнөттүү, узакка созулуучу жана өзгөчө) жүктөмдөрдүн жана таасирлердин аракетине карата жана КЧжЭ 2.01.07 ылайык жүктөмдөрдүн жагымсыз айкалыштарын эске алуу менен аткарышат.

4.8 Конструкцияларды жана бирикмелерди эсептөөдө долбоорлоого тапшырмага ылайык кабыл алынуучу жоопкерчилиги боюнча бекемдиктин коэффициентин $\gamma_n$, бирок МАСТ 27751 де келтирилген мааниден кем эмес эске алуу керек.

Жүктөмдөрдүн негизги айкалыштарына эсептөөдө аныктала турган биринчи топтун пределдик абалдары боюнча таасир берүүнүн эффекттерин эсептөөдө (жүктөмдүк эффекттер) жоопкерчилиги боюнча бекемдиктин коэффициентине көбөйтүү керек.

Экинчи топтун чектик абалдары боюнча эсептөөдөжоопкерчилиги боюнча бекемдиктин коэффициентин бирге барабар деп алуу керек $\gamma_n$=1.

4.9 АПП дан имараттардын конструкциялары үчүн материалдар жана алардын мүнөздөмөлөрү КР КЧ 52-02, КР КЧ 20-02 жана ушул курулуш эрежелерине ылайык кабыл алынат.

4.10 Болот элементтер үчүн материалдар КР КЧ 53-01 талаптарын эске алуу менен кабыл алынат. Керектүү болгон узак мөөнөттүү бекемдикти жана өрткө туруктуулукту камсыз кылуу үчүн КР КЧ 21-01 жана башка аракеттеги ченемдик документтердин талаптарын сактоо керек.

4.11 Торкретбетон МАСТ 26633 талаптарына шайкеш келиши керек.

4.12 Пенополистиролдук такталарды МАСТ 15588 жана Б тиркемесине ылайык кабыл алуу керек. Тактаны даярдоо үчүн өзү өчүп калуучу, көбүрүүчү пенополистирол колдонулат.

4.13 Конструктивдик элементтердин чиймелеринде ( ички жана тышкы дубалдык панелдердин, такталардын ж.б.) материалдын бекемдиги, суукка туруктуулугу ( зарыл болгон учурларда сууну өткөрбөстүгү), отко туруктуулугу, жылуулук өткөрүүгө каршылыгы, бошотуу бекемдиги, курулуш элементинин материалынын нымдуулугу жана тыгыздыгы, эсептик жана контролдук жүктөмдөрдүн чоңдуктары жана контролдук сыноолордун схемалары, ошондой эле зарыл болгон учурларда конструкцияларды даярдоого жана куроого жол берүүлөр ж.б. КР КЧжЭ 52-01 боюнча материалдын мүнөздөмөлөрү көрсөтүлүшү керек.

4.14 Долбоорлордо имараттын туруктуулугун, анын конструктивдик элементтеринин жана кошулууларынын куруу жана эксплуатациялоо учурундагы бекемдигин камсыз кылуучу кыш мезгилиндеги терс температураларда куруунун (же иш чаранын) ыкмасын көрсөтүү зарыл.

4.15 Өрт коопсуздугунун талаптары КР КЧ 21-01 де белгиленген.

4.16 Панелдердин жылуулук коргоосу боюнча долбоорлоону КР КЧжЭ 23-01, КР КЭ 23-101 талаптарына ылайык аткаруу зарыл.

# 5 Арматураланган пенополистиролдук панелдерден (АПП) турган имараттардын конструктивдик чечилиштери

## 5.1 Конструктивдик системаларга (АПП) сейсмикалык шарттардагы талаптар

5.1.1 АПП дан турган конструктивдик системаларды сейсмикалык шарттарда долбоорлоодо ушул курулуш эрежелеринин кошумча талаптарын эске алуу менен КР КЧ 20-02 талаптарына ылайык аткаруу сунуш кылынат.

5.1.2 Имараттардын конструктивдик-пландоочу чечилиштери төмөнкү критерийлерге шайкеш келиши керек:

а) горизонталдык жүктөмдөрдү кабыл алуучу бардык вертикалдуу конструкциялар имараттын пайдубалынан тартып үстүнө чейин үзгүлтүксүз аткарылышы керек;

б) горизонталдык катуулуктар жана кабаттардын массалары бийиктиги боюнча болжол менен туруктуу боюнча калуусу керек;

в) имараттардын конструктивдик схемалары, эреже катары,планда жана бийиктиги боюнча регулярдуу же орточо регулярдуу болушу керек, ошол эле учурда КР КЧ 20-02 “К” тиркемесинин талаптарына шайкеш келиши керек.

5.1.3 Имараттардын планындагы антисейсмикалык тигиштеринин ортосундагы бөлүмдөрүнү өлчөмдөрү 5.1 таблицада көрсөтүлгөн маанилерден ашырбоо сунуш кылынат.

5.1.4 Имараттардын бийиктиги жана кабаттуулугу 5.2 таблицада көрсөтүлгөн маанилерден ашырбоо сунуш кылынат.

5.1 - т а б л и ц а – Имараттардын планындагы бөлүмдөрдүн өлчөмдөрүнүн пределдик маанилери

| Имараттын көтөрүүчү конструкциясы | Курулуш аянтчасынын сейсмика-луулугу , балл | Узундугу, (кенендиги) боюнча өлчөмдөрү, м | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Сейсмикалык касиеттери боюнча кыртыштык шарттарынын түрү | | |
| | | IА и IБ | II | III |
| Кош панель | 7, 8, 9 | 36 | 30 | 24 |
| | > 9 | 24 | 24 | 18 |
| Бир кабат панель | 7, 8, 9 | 24 | 24 | 16 |

5.2 - т а б л и ц а – Имараттын пределдик бийиктиги

| Имараттын көтөрүүчү конструкциялары | Аянтчанын сейсмикалуулугундагы бийиктиги, м (кабаттардын саны), баллменен | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 7 | 8 | 9 | >9 |
| Кош панель | 21 (6) | 19 (5) | 16 (4) | 7 (2) |
| Бир кабат панель | 6 (2) | 6 (2) | 6 (2) | 3 (1) |
| Э с к е р т ү ү – Имараттын бийиктигине имаратка кошулуучу тегизделген жердин орточо деңгээлинин жана жогорку кабаттын жабуусунун алдынын же стропилалык конструкциясынын алдынын (үстүңкү техникалык жана мансарддык кабаттарды эсепке албаганда) белгилеринин айырмалары кабыл алынат.<br>- Имараттардын бийиктиги экспериментальдык сыноолордун жыйынтыгына жараша өзгөртүлөт. | | | | |

5.1.5 Бир кабат панелдерден турган имараттардын көтөрүүчү элементтеринин конструкциялары үчүн панелдердин мезгилдүү профилдеги арматура (зым) менен бекемделиши 8-бөлүмдүн талаптарын эске алуу менен жүргүзүлөт, көтөрүүчү элементтер үчүн жылмакай зымды колдонууга жол берилбейт.

5.1.6 Имараттардын көтөрүүчү конструкцияларын имараттын башкы окторуна карата симметриялуу жайгаштыруу сунуш кылынат.

5.1.7 Көтөрүүчү дубалдарды, эреже катары, планында өткөөлдүү кылып кабыл алуу сунуш кылынат.

5.1.8 Дубалдары АПП дан болгон имараттын ар багытында экиден кем эмес көтөрүүчү дубал сунушталат, жана алардын кадамы кош панелдер үчүн – 6,0 м ашык эмес, бир кабат панелдер үчүн -5,0 м ашпоосу керек.

5.1.9 Имараттарды жабуулары жана каптоолору эреже катары горизонталдык тегиздикте катуу болуп, сейсмикалык таасир берүүлөрдө вертикалдык конструкциялардын биргелешип иштөөсүн камсыз кылышы керек. Жабуулар катары жабуулар үчүн атайын панелдерди пайдалануу сунуш кылынат.

## 5.2 Конструктивдик системалар

5.2.1 Имараттын кабыл алынган конструктивдик системасы эреже катары, имараттын тургузуу стадиясында жана эксплуатациялоо мезгилинде бардык эсептик жүктөмдөрдүн жана таасирлердин аракеттеринде бекемдикти, катуулукту жана туруктуулукту камсыз кылышы керек. АПП дан тургузулган имараттарды

туурасынан жана узатасынан кеткен дубалдары менен дубалдык конструкциялык системалардын негизинде долбоорлоо сунуш кылынат.

5.2.2 Имараттын планында көтөрүүчү дубалдардын жайгашуусуна жана аларга жабуулардын таянуусунун мүнөзүнө жараша төмөнкүдөй конструктивдик системаларды айырмалашат:

- кайчылаш – дубалдык  – туурасынан жана узатасынан кеткен көтөрүүчү дубалдар;
- туурасынан – дубалдык  – туурасынан кеткен көтөрүүчү дубалдары менен;
- узатасынан – дубалдык – узатасынан кеткен көтөрүүчү дубалдары менен.

Кайчылаш -дубалдар конструктивдик системадагы АППдан турган имараттарда тышкы жана ички  дубалдар көтөрүүчү болуп, ал эми жабууларынын такталары – контуру боюнча же үч жагынан таянган катары долбоорлонот.

Туурасынан – дубалдык конструкциялык системасындагы АПП дан турган имараттарда жабуулардан жана узата дубалдардан  болгон жүктөмдөр негизинен туурасынан көтөрүүчү дубалдарга  өтөт, ал эми жабуунун такталары көбүнчө, устун системасы боюнча эки карама -каршы жагына таянуу менен иштейт. Туурасынан – дубалдарга параллелдүү аракет кылуучу горизонталдык жүктөмдөр ушул дубалдар менен кабыл алынат. Туурасынан – дубалдарга перпендикулярдуу аракет кылуучу горизонталдык жүктөмдөр катуулуктун узата диафрагмалары менен кабыл алынат.

Катуулуктун узата диафрагмалары болуп тепкичтик клеткалардын айрым участкаларынын тышкы жана ички узата дубалдары кызмат кылат. Аларга кошулуучу жабуунун такталарын узата диафрагмаларга тирешет, бул диафрагмалардын горизонталдуу жүктөмдөргө иштешин жакшыртат жана бүтүндөй имараттын жабууларынын катуулугун жогорулатат.

Узата-дубалдык конструктивдик системанын имараттарында вертикалдык жүктөмдөрдү узата дубалдар кабыл алынып, негизге  көбүнчө устундук схемада иштей турган жабуулар таянуучу узата дубалдар аркылуу берилет. Узата дубалдарга перпендикулярдуу горизонталдык жүктөмдөрдү кабыл алуу үчүн катуулуктун вертикалдуу диафрагмаларын алдын ала кароо зарыл. Узата көтөрүүчү дубалдары бар имараттарда катуулуктун ушундай диафрагмасы болуп тепкичтер клеткасынын туура дубалдары, торецтик, секциялар аралык дубалдары кызмат кыла алат. Катуулуктун вертикалдуу диафрагмаларына кошулуучу жабуулардын такталары көбүнчө ошолорго таянышат.

Туурасынан-дубалдык жана узата-дубалдык конструктивдик системалардын имараттарын долбоорлоодо  жабуулардын дискалары менен гана өз ара бириктирилген параллелдүү жайгашкан көтөрүүчү дубалдар вертикалдык жүктөмдөрдү өз ара бөлүштүрө алышпай тургандыгын эске алуу сунуш кылынат. Горизонталдык жүктөмдөрдө имараттын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн

перпендикулярдуу багыттагы дубалдардын катышуусун алдын ала кароо сунушталат.

АППдан турган имараттын планында катуулуктарды бөлүштүрүүдө дубалдарды симметриялуу жайгаштырууга умтулуу сунуш кылынат. Планда катуулуктардын рационалдуу жайгаштырылышынын критерийи болуп имараттын конструктивдик системасынын өзүнүн термелүүсүнүн баштапкы эки алдыга жылуу формасынын болушу кызмат кылат.

5.2.3 Бир кабат панелдерде кайчылаш – дубалдык конструктивдик системаны гана колдонуу сунуш кылынат. Конструктивдик ячейкалардын (чөнөктөрдүн) өлчөмдөрүн жабуулардын такталары контуру боюнча көтөрүүчү дубалдарга таяна тургандай кылып дайындашат.

Кош панелдерден ар кандай конструктивдик системаларды колдонушат.

Кайчылаш – дубалдык конструктивдик система. Конструктивдик ячейкалардын өлчөмдөрүн жабуулардын такталары контуру боюнча көтөрүүчү дубалдарга таяна тургандай кылып дайындашат.

Көтөрүүчү туурасынан дубалдын туурасынан – дубалдык конструктивдик системасы имараттын бүткүл кенендигине өткөөлдүү кылып долбоорлонот.

Узата-дубалдык конструктивдик системада тышкы жана ички узата дубалдары көтөрүүчү болуп долбоорлонот.

**5.3. Конструктивдик элементтер**

5.3.1 АПП дан курулган имараттардын көтөрүүчү конструкцияларынын негизги элементтери болуп: пайдубалдар, дубалдары, такталар, кошулуулар жана ашташуулардын түйүндөрү эсептелет.

5.3.1 Көтөрүүчү темирбетон элементтеринин негизги конструктивдик параметрлери болуп төмөнкүлөр эсептелинет: туурасынан кесилиштердин өлчөмдөрү: кысылууга бекемдиги боюнча бетондун классы; КР КЧ52-02, КР КЧ 20-02 талаптарын эске алуу менен белгиленүүчү арматуранын классы жана анын элементте камтылышы (арматура менен бекемдөөнүн пайызы).

5.3.3 Жалпы учурда, пайдубалдардын конструкциясы жана түрү курулуш участкасынын фактылык инженердик-геологиялык шарттарын жана ошондой эле негизге аракет кылуучу жүктөмдөрдүэске алуу менен кабыл алынат. АППдан турган имараттар үчүн пайдубалдардын ар кандай түрлөрүн колдонушат: тасма түрүндөгү, тактaлуу, түркүктүү, түркүктүү-тактaлуу. Ошондой эле тиешелүү эсептик негиздеме болгондо пайдубалдардын башка түрлөрүн колдонууга жол берилет ( кырлуу, куту сымал ж.б.).

5.3.4 Монолиттик тасма түрүндөгү пайдубалдар тик бурчтуу же баскычтуу туурасынан кесилишке ээ болгон айрым же кайчылаш тасмалар түрүндө аткарылат.

5.3.5 Такталык пайдубалдарды АППдан турган имараттын бүткүл аянтынын алдына туруктуу же өзгөрүлмөлүү калыңдыкта аткарылат.Пайдубалдык тактанын калыңдыгын изилдөөлөрдүн, эсептөөлөрдүн натыйжалары боюнча жана конструктивдик талаптарга ылайык дайындоо сунуш кылынат.

5.3.6 Түркүктүү пайдубалдар түркүктөрдөн (уруп киргизилүүчү, бургулап киргизүүчү, бургулап иньекциялоочу ж.б.) жана монолиттик такталык же тасмалык пайдубал ростверктеринен жасалат.

5.3.7 Түркүктүү – такталуу пайдубалдар АППдан турган имараттын бүткүл аянтынын алдына туруктуу же өзгөрүлмөлүү калыңдыктагы такталар жана түркүктөр (уруп киргизилүүчү, бургулап киргизүүчү, бургулап иньекциялоочу ж.б.) түрүндө аткарылат.

5.3.8 АПП дан турган имараттардын дубалдарынын элементтери үч категорияга бөлүнөт:

- жүктөмдү кабыл алуусу боюнча ( көтөрүүчү, өзүн-өзү көтөрүүчү жана көтөрбөөчү);

-жайгашуусу боюнча (тышкы жана ички);

-конструкциясы боюнча (бир кабат жана кош кабат).

5.3.9 Дубалдары бир кабат же кош кабат панелдерден долбоорлонот.

-Бир кабат панель торкретбетондон тышкы эки темирбетон катмарынан жана ички пенополистирол катмарынан турат.

-Кош кабат панель тышкы эки пенополистиролдук шыбалган катмардан жана темирбетондон ички катмарынан турат.

Көп катмардуу конструкцияларда катмарлардын бириктирилишин болот же металл эмес байланыштардан жасашат, алардын кесилиштерин жана кадамын дубалдын конструкциясын бекитүүнү эске алуу менен эсептөөлөрдүн натыйжалары боюнча аныкталат.

Болот байланыштарды орнотууда КЧжЭ 2.03.11 ылайык байланыштардын узакка чыдамдуулугун камсыз кылуучу коррозияга каршы иш чараларды алдын ала кароо сунуш кылынат.

5.3.10 Дубалдардын калыңдыгын дайындоодо бекемдикти, жаракаларга туруктуулукту, деформативдүүлүктү, жылуулук – жана добушту өткөрбөөчүлүктү, отко туруктуулукту камсыз кылуу үчүн аракеттеги ченемдердин талаптарын эске алуу сунуш кылынат.

5.3.11 Борбордон тыш кысууда бекемдикти жана туруктуулукту камсыз кылуунун шарттары боюнча көтөрүүчү жана өзүн-өзү көтөрүүчү дубалдардын

калыңдыгын алардын ийилчээктиги 5.3 таблицада көрсөтүлгөн маанилерден ашпагандай кылып кабыл алуу сунуш кылынат.

5.3 – т а б л и ц а

| Дубалдын элементтеринин материалы жана арматура менен бекемдөө | Чектик ийилчээктик $\lambda = l_0/i$ | Туташ кесилиштеги бир кабат дубалдар үчүн l0/h пределдик мааниси |
|---|---|---|
| Оор бетон:<br>темирбетон элементтери | 120 | 35 |
| Э с к е р т ү ү – l0 панелинин эсептик узундугу ушул курулуш эрежелеринин 6.2.4. ылайык аныкталат. Инерциянын радиусу $i = \sqrt{I / A}$, формуласы менен эсептелет, бул жерде *I*–кесилиштин борбору аркылуу өтүүчү жана дубалдын тегиздигине параллелдүү болгон окко карата горизонталдык кесилиштин инерциясынынмоменти, *A*–горизонталдык кесилиштин аянты, *h*– дубалдын калыңдыгы. | | |

5.3.12 Көтөрүүчү жана өзүн-өзү көтөрүүчү дубалдын калыңдыгынын минималдуу кенендигин 30 см ден жана панелдин эки калыңдыгынан кем эмес кабыл алышат.

5.3.13 Жабуулардын такталарынын калыңдыгын кабыл алынуучу жүктөмдөрдү эске алуу менен, ошондой эле бекемдикти, жаракаларга туруктуулукту, деформативдүүлүктү (анын ичинде солкулдоого) туруктуулукту камсыз кылуу үчүн аракеттеги ченемдердин талаптарын эске алуу сунуш кылынат.

5.3.14 Жабуунун такталардын жана тепкичтик марштарынын таянуу тереңдигин КР КЧ 52-02, КР КЧ 20-02 талаптарына ылайык дайындоо сунуш кылынат.

5.3.15 Жабуулардын такталары катары көбүнчө кырдуу такталарды колдонуу сунуш кылынат, кош панелдерден турган көтөрүүчү дубалдар үчүн туташ кесилиштеги жабуу такталарын колдонууга жол берилет.

# 6 АППдан турган имараттардын конструктивдик системаларын эсептөө.

## 6.1 Конструктивдик системаларды эсептөөнүн негизги принциптери

6.1.1 АППдан турган имараттардын конструкцияларын эки топтун пределдик абалдары боюнча эсептөө менен текшеришет: конструкцияларды эксплуатациялоонун толук жараксыздыгына алып келүүчү жана МАСТ 27751

ылайык конструкцияларды ченемдүү эксплуатациялоону кыйындатуучу экинчи топтун пределдик абалдары боюнча.

6.1.2 АППдан турган имараттардын конструктивдик системаларын эсептөө эки этап менен аткарылат:

биринчи этап – конструктивдик системанын чыңалган- деформацияланган абалын жана туруктуулугун эсептөө;

экинчи этап – системанын элементтеринин конструктивдик эсептөөсү.

Эсептөөлөрдүн натыйжалары боюнча биринчи этапта имараттын конструктивдик системасынын аракеттеги ченемдик документтердин талаптарына ылайык эксплуатациялык жарактуулугуна баа беришет. Бул үчүн КЧжЭ 2.01.07, КЧжЭ 2.02.01, КР КЧ 20-02, КР КЧ 52-02 де келтирилген чектик жол берилген маанилер менен маанилерин салыштыруучу конструктивдик системанын бир катар параметрлерин аныкташат. Ошондой эле эсептөөнүн натыйжалары боюнча биринчи этапта негизги көтөрүүчү конструкцияларда жана ошондой эле алардын кошулган түйүндөрүндө пайда болуучу күчтөр жана деформациялар аныкталышат.

Экинчи этапта конструктивдик системанын көтөрүүчү элементтеринин жана алардын кошулган түйүндөрүндөгү биринчи этапта аныкталган күчтөрдүн негизинде бекемдиги, жаракага туруктуулугу жана деформациялары боюнча конструктивдик эсептөөлөр аткарылат. Көрсөтүлгөн эсептөөлөрдүн натыйжалары боюнча аракеттеги ченемдик документтердин жана эрежелердин ушул жыйындысын эске алуу менен элементтерди жана алардын кошулган түйүндөрүн конструкциялоо жүргүзүлөт.

6.1.3 АППдан турган имараттардын өнүгүүчү кулап түшүүсүнө каршы туруктуулугун эсептөө МАСТ 27751 талаптарын эске алуу менен аткарылат. Бул эсептөөимараттын конструкцияларынын гипотетикалык локалдык талкалануусунда минимум адамдарды эвакуациялоо үчүн зарыл болгон убакытка конструктивдик системасынын бекемдигин жана туруктуулугун камсыз кылыш керек. Имараттын конструкцияларынын локалдык талкалануусу ченемдүү эксплуатациялоонун шарттары менен каралбаган ар кандай авариялык таасирлерден: жарылуулардан, өрттөрдөн, карсттык түшүп кетүүлөрдөн, транспорт каражаттарыны соккулук таасиринен, мыйзамсыз кайра пландоодон ж.б. келип чыгышы мүмкүн.

Конструкциялардын локалдык талкалануусунда эсептөө биринчи топтун пределдик абалы боюнча гана жүргүзүлөт. Серпилгичтүү эмес деформациялардын өнүгүүсү, конструкциялардын которулушу жана аларда жаракалардын ачылышы каралып жаткан өзгөчө кырдаалда чектелбейт.

АППдан турган имараттын өнүгүүчү талкалануусуна каршы туруктуулугун эң үнөмдүү ыкмалар менен камсыз кылуу сунуш кылынат:

-каралып жаткан авариялык кырдаалдын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен  имараттын рационалдуу конструктивдик-пландоосунун чечилиши менен;

-конструкциялардын кесилбестигин камсыз кылуучу конструктивдик чаралар менен;

-конструкциялардын элементтеринде жана алардын бирикмелеринде пластикалык деформацияларды камсыз кылуучу материалдарды жана конструктивдик чечилиштерди колдонуу менен;

## 6.2 Конструктивдик системаларды эсептөөгө талаптар

6.2.1 АППдан турган имараттардын конструктивдик системалары үчүн төмөнкү эсептөөлөрдү жүргүзүү сунуш кылынат:

-үстүнүн горизонталдык жылышуусунун эсептөөсү;

-өзүнүн термелүүсүнүн формаларын эсептөө;

- форманын туруктуулугун жана абалынын туруктуулугун эсептөө (аңтарылуу);

- кабаттын ячейкаларынын кыйшайууларын эсептөө;

-максималдуу (орточо) чөгүүнүн эсеби, пайдубалдын чөгүүлөрүнүн айырмалары;

- жабуулардын такталарынын ийилүүсүнүн эсеби;

-көтөрүүчү элементтерде пайда болуучу күчтөрдүн жана жылышуулардын, ошондой эле алардын кошулган түйүндөрүндөгү конструктивдик системанын жалпы эсебинин натыйжалары боюнча эсеби.

6.2.2 Конструктивдик системаны эсептөө жалпы учурда имараттын жердин үстүндөгү жана жердин астындагы бөлүгүнүн жана ошондой эле анын астындагы пайдубалдын жана негиздин биргелешкен иштөөсүн эске алуу менен мейкиндиктик койууда аткарууну сунуш кылынат.

6.2.3 Конструктивдик системанын эсептөөсүн куроо стадиясы үчүн куруунун стадиялуулугун эске алуу менен (эсептик кырдаалдын олуттуу өзгөрүүсүндө) жана эксплуатациялоо стадиясы үчүн.

6.2.4 Имараттын үстүңкү адам жашай турган кабатынын жабуусунун деңгээлиндеги шамалдын ылдамдыгынын басымынын пульсацияларынын натыйжасында пайда болуучу термелүүлөрдүн чектик жол берилген чоңдугу КЧжЭ 2.01.07 талаптарына ылайык белгиленет.

6.2.5 Конструктивдик системанын үстүнүн горизонталдык жылышууларын экинчи топтун чектик абалы боюнча тиешелүү эсептик кырдаалга шайкеш келүүчү жүктөмдөрдүн аракетинде аныкташат (туруктуу,узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү вертикалдуу жана горизонталдуу 1,0 барабар жүктөм боюнча

бекемдик коэффициенти менен жүктөмдөр. Ошондой эле бирикмелердин ийкемдүүлүгүн жана негиздин ишин эске алуу зарыл.

Имараттын үстүнүн горизонталдык жылышууларынын чоңдугу КЧжЭ 2.01.07 ылайык белгиленген чектик жол берилген чоңдуктан ашпоосу керек.

6.2.6 Вертикалдык кабаттын ячейкаларынын кыйшайууларын эсептөөнү жанындагы дубалдардын көтөрүүчү конструкцияларынын вертикалдык жана горизонталдык деформацияларынын бир калыпта эместигинен аткарышат. Бул эсептөөнү тургузуу стадияларын, жана ошондой эле убактысын жана жүктөмдөрдүн салмагынын узактыгын эске алуу менен аткарышат. Эсептөөдө бирикмелердин ийкемдүүлүгүн жана негиздин жумушун эске алуу зарыл.

Вертикалдык ячейкалардын кыйшайууларынын чоңдугу КЧжЭ 2.01.07, КР КЧ 20-02 ашырбоону сунуш кылышат.

6.2.7 Форманын жана абалынын туруктуулугуна эсептөөнү негиздин ишин эске алуу менен эсептик туруктуулуктардын, узак жана кыска мөөнөттүү жүктөмдөрдүн аракетине жүргүзүшөт.

Эреже катары, конструктивдик системанын формасынын туруктуулугунун формасы эки эседен кем эмес болушу керек. Туруктуулук боюнча запас конструктивдик системага эксплуатациялык жүктөмдүн ашыкчалыгын мүнөздөйт, ал учурда имараттын жалпы туруктуулугун жоготуу мүмкүндүгү пайда болот.

Конструктивдик системанын абылынын туруктуулугуна (аңтарылуусуна) эсептөөнү аңтаруучу (горизонталдык жүктөмдүн) жана кармап туруучу (вертикалдык жүктөмдөн) моменттердин аракетине жүргүзөт. Моменттердин чоңдуктарын пайдубалдын четки чекитине карата алышат. Конструктивдик системанын абалынын туруктуулугу боюнча запасынын коэффициенти эреже катары, 1,5 тен ашык болушу керек.

6.2.8 Жабуулардын такталарынан жана көтөрүүчү дубалдардын панелдеринин ийилүүлөрүн экинчи топтун чектик абалы боюнча тиешелүү эсептик кырдаалга жооп берүүчү жүктөмдөрдүн аракетинде аныкташат (1,0 барабар жүктөм боюнча бекемдик коэффициенти менен туруктуу жана убактылуу узакка созулган жүктөмдөр).

Ийилүүлөрдүн чектик жол берилген чоңдугу КЧжЭ 2.01.07 талаптары менен шайкеш белгиленет.

6.2.9 Негиздин эсептөөсүн ( көтөрүү жөндөмдүүлүгүн жана деформацияны) КЧжЭ 2.02.01. менен жана имараттын жалпы конструктивдик системасын эсептөөнүн натыйжалары боюнча алынган күчтөрдүн аракеттерине карата аракеттеги ченемдик документтердин негизинде аткарууну сунуш кылышат. Негиздин чектик чөгүүлөрү КЧжЭ 2.02.01. талаптарына ылайык чектелет.

Негиздин деформациясынын аркасында пайда болуучу имараттын кыйшайууларын долбоорлоого карата тапшырмада көрсөтүлгөн технологиялык жабдууну эксплуатациялоонун шарттарына карата чектөө сунуш кылынат.

Негиздин жана имараттын бирдей эмес өлчөмдөгү биргелешкен деформацияларынын чектик жол берилген маанилери конструкциялардын зарыл болгон бекемдигин, туруктуулугун жана жаракага туруктуулугун камсыз кылуусуна карата эсептөө менен белгиленет.

### 6.3 АППдан турган имараттардын конструктивдик системалардын эсептик моделдери

6.3.1 Эсептик моделдерди иштеп чыгууну көбүнчө негиздин ишин эске алуу менен мейкиндиктик койууда аткарууну сунуш кылышат. Долбоорлоонун алгачкы этаптарында жөнөкөйлөтүлгөн эсептик моделдерди (бир жана эки өлчөмдүү) пайдаланууга жол берилет. Эсептик моделдерди иштеп чыгууда А тиркемесинин көрсөтмөлөрүн эске алуу сунуш кылынат.

6.3.2 Эсептик моделди долбоордук чечилиштер боюнча кабыл алуу сунушталат, имаратка болгон жүктөмдөр жана таасирлер жөнүндө маалыматты, ошондой эле материалдардын физикалык-механикалык касиеттери жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Имараттын эсептик модели имараттын колдонулуучу кошулуштарынын конструктивдик өзгөчөлүктөрүн чагылдырат.

6.3.3 Конструктивдик системанын эсептөөлөрүн аткарууда сандык методдор менен атайын верификацияланган жана сертификацияланган программалык комплекстерди колдонууну сунушташат.

## 7 Элементтерди эсептөө

### 7.1 Пайдубалдарды эсептөө

7.1.1 Пайдубалдардын темирбетон конструкцияларын эсептөө 6.3 тө көрсөтүлгөн эсептик моделдер боюнча АПП дан турган имараттын конструктивдик системасынын чыңалган- деформацияланган абалын эсептөөнүн натыйжалары боюнча кабыл алууну сунуштаган тышкы жүктөмдөрдөн ички күчтөрүнө аракетине карата аткарылат. Бул учурда пайдубалдын эсептик схемасынын куроо жана эксплуатациялоо процессинде мүмкүн болгон өзгөрүүсүн эске алуу зарыл.

7.1.2 Пайдубалдардын конструкцияларын КЧжЭ 2.01.07, КЧжЭ 2.02.01, КР КЧ 20-02, КР КЧ 52-02 аракеттеги башка ченемдик документтерге ылайык

биринчи жана экинчи топтордун чектик абалдары боюнча, зарыл болгондо топурактын спецификалык касиеттерин ( тоң катмары, чөгүү ж.б.) эске алуу менен эсептөө сунуш кылынат.

7.1.3 Пайдубалдардын конструкцияларын эсептөөнү имаратты куроонун жана аны эксплуатациялоонун ар кандай стадиялары үчүн сунуш кылынат.

## 7.2 Дубалдарды эсептөө

7.2.1 Тышкы жүктөмдөрдөн жана таасирлерден дубалдардагы ички күчтөрдү 6.3 тө көрсөтүлгөн эсептик моделдер боюнча АПП дан турган имараттын конструктивдик системасынын чыңалган- деформацияланган абалын эсептөөнүн натыйжалары боюнча кабыл алууну сунушташат. Бул учурда даярдоо процессиндеги, транспорттоодогу жана куроодогу дубалдын эсептик схемасынын өзгөрүшүн эске алууну сунуш кылышат.

7.2.2 Дубалдардын конструктивдик элементтерин КР КЧ 52-02 жана В тиркемесине ылайык биринчи жана экинчи топтордун пределдик абалдары боюнча эсептөө сунуш кылынат.

7.2.3 Дубалдардын конструктивдик элементтерин эсептөөнү даярдоо, транспорттоо, куроо жана эксплуатациялоо стадиялары үчүн аткаруу сунушталат.

7.2.4 Жабуулардын деңгээлинде катуу горизонталдык таянычтарга ээ болгон дубалдардын эсептик узундугун $l_0$,узата ийилүүсүн эске алуу менен борбордон тышкы кысууга карата эсептөөдө формуласы менен аныкташат,

$$l_0 = H_0 \eta_p \eta_w, \tag{7.1}$$

бул жерде $H_0$ – жарыктагы кабаттын бийиктиги ( жабуу такталарынын арасындагы);

$\eta_p$–дубалдардын жабуулар менен кошулуш түйүнүнүн катуулугунан көз каранды болгон барабар катары кабыл алынуучу коэффициент:

$\eta_p$–коэффициенти курулуш механикасынын методдору менен аныкталат жана 1.0 кем эмес кабыл алынат;

$\eta_p$– перпендикулярдык багыттагы дубалдардын таасирин эске алуучу коэффициент.

Перпендикулярдык багыттагы дубалдар менен кошулган жерлериндеги дубалдын кесилиштерин бекитүүнү качан дубалдардын ортосундагы кесилишке кошулган $d$ аралыгы $3H_0$, ашык эмес, ал эми кесилиштин бош четинен ага кошула турган дубалга чейинки аралык $1{,}5H_0$ ашык болгондо эске алууну сунушташат. Дубалдарды эреже катары, дубалдын бийиктиги боюнча ар 40 см ден сейрек эмес жайгашкан өз ара арматуралык байланыштар менен бириктиришет.

Жогоруда көрсөтүлгөн учурлар үчүн $\eta_w$коэффициентин

$$n_w = \frac{d}{-}\left(2 - \frac{d}{}\right) \tag{7.2}$$

формуласы менен аныктоо сунуш кылынат, ал эми кесилиштин бош чети менен ага кошулуучу дубалдын ортосундагы участок үчүн

$$n_w = \frac{d}{-}\left(2 - \frac{d}{}\right) \tag{7.3}$$

мында $d$ – каралып жаткан дубалдын кесилишинин жазылыгы.

Калган учурларда $\eta_w$=1,0.

7.2.5 Дубалдардын горизонталдык кесилиштеринин бекемдигин эсептөөдө эсептик кесилиштер катары таяныч жана орточо кесилиштерди алуу зарыл.

### 7.3 Такталардын эсеби

7.3.1Такталардагы тышкы жүктөмдөрдөн жана таасирлерден ички күчтөрдү 6.3 тө көрсөтүлгөн эсептик моделдер боюнча АПП дан турган имараттын конструктивдик системасынын чыңалган- деформацияланган абалын эсептөөнүн натыйжалары боюнча кабыл алууну сунуштаашат. Бул учурда тактанын даярдоо, транспорттоо, куроо процессинде жана анын имараттагы абалынан (учу, акыркы кабат ж.б.) эсептик схеманын өзгөрүүсүн эске алуу зарыл.

7.3.2 Такталардын конструктивдик элементтерин КР КЧ 52-02 ылайык биринчи жана экинчи топтордун пределдик абалдары боюнча эсептөө сунуш кылынат.

7.3.3 Такталардын конструктивдик элементтерин экинчи топтун пределдик абалдары боюнча эсептөөдө такталардын материалдарынын физикалык түз сызыктуу эместигин эске алууну сунуш кылышат.

7.3.4 Такталардын конструктивдик элементтерин даярдоо, транспорттоо, куроо жана эксплуатациялоо стадиялары үчүн аткаруу зарыл. Бул учурда ар кандай стадиялар үчүн такталардын четки шарттарынын мүмкүн болуучу өзгөрүлүшүн эске алуу зарыл.

7.3.5 Такталардын конструктивдик элементтеринин бекемдиги боюнча эсептөөнү жүргүзүүнү пределдик тең салмактуулук методу боюнча аткарууга жол берилет.

# 8 Конструктивдик талаптар

## 8.1 Негизги жоболор

8.1.1 Жалпы учурда АППдан турган имараттардын элементтерин конструкциялоону КР КЧ 52-02, КР КЧ 20-02 жана ушул курулуш эрежелеринин талаптарына ылайык аткарышат.

8.1.2 АППдан турган имараттардын элементтери үчүн өрт коопсузудугун классын жана отко туруктуулугунун пределинКыргыз Республикасындагы өрт коопсуздугунун эрежесинин жана башка өрт коопсуздугу боюнча ченемдик документтердин талаптарына ылайык белгилешет.

## 8.2 Жабуу такталары

8.2.1 Жабуулар үчүн такталарга кысууга карата бекемдиги B25 тен кем эмес болгон  класстагы бетонду колдонуу сунушталат.

8.2.2 Эсептөө боюнча орнотула турган темирбетон такталарынын узата жана туурасынан чыңалбай турган жумушчу арматура катары көбүнчө A240, A400 (A400C), A500 (A500C) Классындагы арматураны колдонууну сунушташат. Такталарды арматура менен бекемдөөнүн минималдуу пайызы КР КЧ 52-02, КР КЧ 20-02 ылайык кабыл алынат.

Ысык чоюлган арматуранын минималдуу диаметри 6 мм ден кем эмес, муздак деформацияланган – 5 мм ден кем эмес кабыл алынат.

8.2.3 Жабуунун такталары ( айрым стержендер же торчолор) менен тактанын үстүңкү жана астыңкы кырлары боюнча эки багытта орнотулган узата арматура менен бекемделет.

8.2.4 Жабуу такталарында жашыруун электр өткөргүчтөрү үчүн каналдарды жасоо 11.2 пунктка ылайык, такталардын астыңкы бөлүгүндө гана жол берилет.

8.2.5 Жабуунун такталарын конструкциялоодо төмөнкү кошумча талаптарды эске алуу сунушталат:

-арматура менен бекемдөө эреже катары, элементтердин жазылыгы боюнча бирдей өлчөмдө бөлүштүрүлүшү керек;

- такталардагы арматуранын окторунун ортосундагы максималдуу аралык 200 мм.ден ашпоосу сунуш кылынат;

-кырларынын жазылыгы h/2 и 150 ммманилеринин  эң чоңунан кем эмес кабыл алынат (h -алынбай турган опалубканы чыгарып салуу менен тактанын калыңдыгы).

## 8.3 Дубал панелдери

8.3.1 Дубалдар үчүн бетондун кысууга карата бекемдиги боюнча классы В25 тен төмөн эмес кабыл алынат.

8.3.2 Эсептөө боюнча орнотула турган темирбетон дубалдарынын жумушчу узата арматурасы катары, көбүнчө А240, А400 (А400С), А500 (А500С) же Вр-I классындагы арматуралар колдонулат. Дубалдарды арматура менен бекемдөөнүн минималдуу пайызы КР КЧ 52-02, КР КЧ 20-02 ылайык кабыл алынат.

8.3.3 Дубалдардын темирбетон элементтери дубалдын каптал жактарына симметриялуу орнотулган жана өз ара туурасынан арматура менен бириктирилген вертикалдуу жана горизонталдуу арматура менен бекемделет ( жалпак же мейкиндиктик арматуралык каркастар, айрым стерженде түрүндө).

Бир кабат панелдер монолиттүү темир-бетон вертикалдуу жана горизонталдуу линиялык элементтер менен бекемделиши керек (мындан ары- темир-бетон кошулмалары)

Монолиттик темир-бетон кошулмаларынын ортосундагы аралык комплекстүү конструкциялардын тегиздигинде жана дубалдарынын тегиздигинде сейсмикалык таасирлерди кабылдоонун эсебинен 4 метрден ашпоого тийиш.

Тик темир-бетон кошулмалары фундаментке жана темир-бетон жер титирөөгө каршы алкака туташтырылууга тийиш.

Панелдин бир кыры боюнча вертикалдыкжумушчу арматуранын стержендеринин ортосундагы аралык 200 мм ден ашык эмес, горизонталдык арматуранын стержендеринин ортосунда – 400 мм ден ашык эмес кабыл алынат.Вертикалдык арматуранын кесилишинин аянты эсептөө боюнча кабыл алынат, бирок борбордон тыш кысылган темирбетон элементтери үчүн талап кылынгандан аз эмес кабыл алынат. Ысык чоюлган арматуранын минималдык диаметри 6 мм ден , муздак деформацияланганды – 5 мм ден кем эмес кабыл алышат.

Туурасынан стержендерди (панелдин тегиздигине перпендикулярдуу) вертикалы боюнча 20d дан ашык эмес кадам менен жайгаштыруу сунушталат, бул жерде d- каркастын узата стержендеринин диаметри, горизонталы боюнча – 400 дөн ашык эмес.

8.3.4 Бир кабат дубал панелдериндеги бириктирүүчү кырларын арматура менен бекемдөөнү эсептөө боюнча дайындоо сунушталат, анын ичинде температуралык климаттык таасирлердин күчтөрүн эске алуу менен.

8.3.5 Ийилчээк байланыштары бар бир кабат панелдердин тышкы катмарлары диматери 5 мм ден кем болбогон жана кадамы 200х200 мм стержендерден турган торчо менен бекемделет.

8.3.6 Панелдин тышкы жана ички катмарларын бириктирүү үчүн металл жана мтеалл эмес байланыштар каралган.

8.3.7 Бир кабат панелдердин металл байланыштары күчтөрдүн тышкы катмарынан ички көтөрүүчү катмарга өткөрүлүшүн камсыз кылышы керек. Бул учурда байланыштардын конструкциясы жана алардын дубалдын талаасы боюнча жайгашуусу тышкы катмардын температуралык эркин деформациялары үчүн тоскоолдуктарды түзбөшү керек.

8.3.8 Бир кабат панелдердин ички жана тышкы бетон катмарларынын ортосундагы ийкемдүү байланыштын үч түрүн алдын ала кароо зарыл: илгичтер, тирөөчтөр жана шынаалар.

Илгичтер панелдин тышкы бетон катмарынан ички көтөрүүчү катмарга өткөрүү үчүн арналган. Илгичтерди панелдин башка байланыштарын катыштырбастан ички катмарга вертикалдык жүктөмдөрдү өткөрүүнү камсыз кылгандай кылып конструкциялашат. Бул максат менен илгич панелдин тышкы жана ички катмарларында анкерленген чоюлган жана кысылган тирөөчтөргө(подкос) ээ болушу керек.

Тирөөчтөр тышкы катмардын ичкиге карата абалын кармап туруу жана горизонталдуу тегиздикте катмарлардын өз ара жылышуусун чектөө үчүн арналган. Тирөөчтөрдү илгичтер (асмалар) түрүндө конструкциялашат, бирок аларды горизонталдык тегиздикте жайгаштырышат.

Шынаалар шамалдан болгон горизонталдык жүктөмдөрдү жана башка таасирлерди тышкы катмардан ичкисине өткөрүү үчүн арналган. Шынааларды панелди бетондоо учурунда тактанын жылуулук өткөрбөөчү материалынын абалын кармап туруу үчүн колдонууга жол берилет.

8.3.9 Металл байланыштарын болоттун коррозияга туруктуу сортторунан аткарууну сунушташат. Ийкемдүү байланыштын талап кылынган мөөнөтүн камсыз кылуучу коррозияга каршы каптоосу бар А240, А400, А500, Вр-I класстарындагы ысык чоюлган болот стерженделеринен ийкемдүү байланыштарды аткарууга жол берилет. Коррозияга каршы каптоолордун рецептурасын жана калыңдыгын КЧжЭ 3.04.03 талаптарын эске алуу менен дайындоо сунуш кылынат.

8.3.10 Дубалдык панелдерди конструктивдик арматура менен бекемдөөнү жалпак же ийилген вертикалдык жана горизонталдык каркастарданже бирдиктүү арматуралык каркаска бириктирилген айрым стерженделерден кабыл алуу сунуш кылынат.

Панелдин ар бир капталына орнотулуучу конструктивдик вертикалдык жана горизонталдык арматуранын кесилишинин аянтын 0,2 см 2/м ден кем эмес кабыл алууну сунуш кылышат. Дукбалдык панелдердин конструктивдик узата

арматурасынын диаметри 5 мм ден, туурасынан арматуранын диаметри 4 мм ден кем эмес кабыл алынат.

8.3.11 Проемдорду калтырган орундарда ( терезе, эшик ж.б) темирбетон панелдеринде проемдорду жээктеген, кесилиши жумушчу арматуранын кесилишинен кем болбогон (ошол эле багыттагы), эсептөөдө туташ конструкция үчүн талап кылынгандайкошумча арматураны орнотууну кароо сунуш кылынат. Проемдордун бурчтарында жаракалардын ачылышын чектөө үчүн жантайыңкы стерженде менен кошумча арматура менен бекемдөө, Г-сымал торчолор же башка ыкмалар менен бекемдөө каралат.

8.3.12 Проемдордун үстүндөгү туташтыргычтарды (перемычка) көбүнчө туурасынан келген күчтөрдү жана ийилтүүчү моменттерди камсыз кылуучу анкерлөөнүн жазылыгынан кем эмес киргизилүүчүжалпак арматуралык каркастар менен жасашат.

### 8.4 Пайдубалдар

8.4.1 Көтөрүүчү темирбетон пайдубалдарын конструкциялоо КР КЧ 20-02, КР КЧ 52-02 жана башка аракеттеги ченемдик документтердин талаптарын эске алуу мененжүргүзүлөт.

8.4.2 Пайдубалдар үчүн бетондун классы кысууга бекемдиги B15 тен кем эмес, суу өткөрбөө боюнча маркасы W4 кем эмес кабыл алынат. Такталык жана тасмалык пайдубалдарда арматуралардын камтылышын 0,2% кем эмес кабыл алышат.

## 9 Имараттардын ар түрдүү конструктивдик элементтерин долбоорлоодогу кошумча талаптар

9.1 Имараттын жабуулары менен каптоолорунун конструктивдик чечилишин каркастын конструкцияларынын арасында ошондой эле сейсмикалык жүктөмдөрдү бөлүштүрүүнү камсыз кылуучу катуу диск камсыз кылат.

9.2 Бөлгүч тосмолордун панелдерин өзү өчүп калуучу (күйбөй турган жана (же) начар күйүүчү) материалдардан эффективдүү жылыткычтарды колдонуу менен аткаруу сунуш кылынат.

9.3 Бөлгүч тосмолорду бекитүү алардын жалпы туруктуулукту камсыз кылуусун эске алуу менен каралат.

9.4. Тепкичтик клеткаларын имараттын планынын чектеринде жайгаштырат. Тепкичтик клеткаларга табигый жарыктын тийүүсү сунушталат. Имараттын ар бир блогунда бирден кем эмес тепкичтик клетканын болушуна жол берилет.

Өзүнчө турган курулма түрүндө тепкичтик клеткаларды тургузуу сунуш кылынбайт.

9.5 Тепкичтик марштар КР КЧ 20-02 ылайык таянышат.

## 10 Колдонулуучу курулуш материалдарына болгон талаптар

Имараттарды курууда жана алар менен ар түрдүү ремонттоо-курулуш иштерин жүргүзүү үчүн пайдаланылуучу жылуулук өткөрбөөчү, жасалгалоочу жана полимер камтуучу курулуш материалдары эреже катары, “Техникалык регламент “Курулуш материалдарынын, буюмдарынын жана конструкцияларынын коопсуздугу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана “Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунда жана башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген, жылуулук өткөрбөөчү, жасалгалоочу жана полимер камтуучу курулуш материалдарынын коопсуздугуна тиешелүү болгон коопсуздуктун талаптарына жооп берет.

## 11 Конструкциялардын бирикмелерине карата талаптар

11.1 Панелдерди пайдубалга анкерлөө байланыштыруучу арматуранын жардамы менен аткарылат: саны, арматуранын өлчөмү панелдердин негиздерине келген динамикалык жүктөмдөрдү эске алуу менен тандалат.

11.2 Ийилчээк түтүк өткөргүчтөрдү жана электр камсыздоо системасы үчүн шаймандарды өткөрүү, ошондой эле суу менен камсыздоонун, жылытуунун жана канализациянын катуу түтүктөрүн жаткыруу панелдерди куроодон кийин жана дубалдарды торкреттөөгө чейин жүргүзүлөт. Электр менен камсыздоого бүткүл жайгашуу боюнча ийилчээк түтүктөрдү өткөрүү менен жол берилет.

Панелдерди бойлото жана алар аркылуу коммуникацияларды өткөрүүөрттүн өтүп кетүүсүн болтурбоочу торкретбетондун коргоочу катмарын сактоо менен жүргүзүү керек, ошондой эле электрөткөргүчтөрдү панелдердин ички пенополистиролдук ичмеги аркылуу өткөрүүгө жол берилбейт. Кабелдерди өткөрүү көтөрбөөчү шыбак катмарында жүргүзүлүшү керек.

Тармактарды өткөрүү маршрутун белгилөө түздөн-түз пенополистиролдо үйлөтүүчү ысык абанын агымынын жардамы менен аткарылат. Тармактардын маршрутун өткөрүүнү полистиролдун калыңдыгын ашыкча эритип жибербеш үчүн этияттык менен кылдат аткаруу сунуш кылынат. Дубалдагы жылуулук өткөрбөөчү материалдын катмарын жылуулук техникалык эсептөөлөргө ылайык аныкташат.

11.3 Көтөрүүчү элемент катары пайдаланылуучу бир кабат панель 13.2.1 пунктунун талаптарына ылайык, панелдин эки жагынан тең торкрет-бетон менен капталат.

11.4 Цемент менен кумдун аралашмасы инерттик материал жана цементтин ортосунда 4:1 катышында дозаланат. Пайдалануучу инерттик материал эреже катары, 0 дөн 6 мм ге чейинки фракцияга ээ.

11.5 Торкрет -бетон B25 классынан кем эмес болот жана тиешелүү торкрет куралдын же үзгүлтүксүз шыкоочу насостун жардамы менен чачылат. Жаңы аралашманын кыймылдуулугу жана ал торкреттелүүчү басым зарыл болгон компакттуулукту камсыз кылуу үчүн өтө маанилүү.

Ар бир тарабынан каптала турган торкрет -бетондун акыркы калыңдыгы аралашманын минимум 2 катмарын чачуу менен жетишилет, анын биринчи катмары болжол менен 3,5 см түзөт жана металл торчосун жабууга арналат. Акыркы шыбактын катмары майда бүртүктүү кум менен колдонулат. Ашыкча кеңири торкреттөөнү чачуудан алыс болуу сунуш кылынат.

11.6 Панелдердин биригүүлөрү айрым бурчтук торчолор жана горизонталдык жана вертикалдык кошулмалар менен күчтөндүрүлөт.

## 12 Өрт коопсуздугунун талаптары

12.1 АПП ны долбоорлоодо жана куроодо төмөнкү талаптар аткарылат:

- ТШ 31556352-01 , КР КЧ 21-01 белгиленген өрт коопсуздугунун ченемдеринин талаптары камсыз кылынат;

-АПП нын конструктивдик чечилиштери системанын ички көлөмүнө өрттүн очогунан жалындын кирүү мүмкүнчүлүгүн же ысыктын таасиринин киришин болтурбоону камсыз кылат;

- имараттан чыгуулардын үстүнө фасаддан 1,2 м ден кем эмес чыгып туруучу күйбөй турган материалдан коргогуч чатырларды куруу сунуш кылынат;

- терезе проемдорун алкактоонун жана алардын негизге бекитүүнүн ыкмаларынын конструктивдик чечилиши мүмкүн болгон өрттүн табынын таасиринин процессинде алардын долбоордук абалын өзгөрүү мүмкүндүгүнө жол бербейт.

# 13 Жумуштарды жүргүзүүгө талаптар

## 13.1 Күчтөндүрүүчү торчолорду жайгаштыруу

13.1.1 Бурчтук күчтөндүрүүчү УС1 торчосунун жардамы менен конструкциянын вертикалдык кандай болсо, ошондой эле горизонталдык бардык тышкы жана ички бурчтарын күчтөндүрүү жүргүзүлөт, ошону менен конструкциялык торчонун үзгүлтүксүздүгү камсыз кылынат.

13.1.2 Проемдордун бардык үстүңкү бөлүктөрү ички тарабынан кандай болсо, ошондой эле тышкы тарабынан УС2 күчтөндүрүүчү жалпак торчону $45^0$ бурч менен жайгаштырып күчтөндүрүлөт (А тиркемесин кара). Туташтыргычтар, алардын геометриясына (бийиктиги жана узундугу) жараша белгилүү жагдайларда жана эшиктин жана терезе каптоолорунун закладнойлорунун белгилүү түрлөрү үчүн анын зарылдыгы текшерүүлөрдүн натыйжалары менен тастыкталган эки жагынан тең минималдуу кошумча арматураны койууну талап кылышы ыктымал.

## 13.2 Торкретбетонду шыбоо

13.2.1 Көтөрүүчү элемент катары колдонулуучу бир кабат панель эки жагынан тең орточо калыңдыгы 3,5 смден кем эмес болгон торкрет-бетон менен торкреттелип, монолиттелет. Ушундай жол менен монолиттелген панель пенополистирол өзөктүү темирбетон тактасын түзөт.

Ар бир тарабынан каптала турган торкрет -бетондун акыркы калыңдыгы аралашманын минимум 2 катмарын чачуу менен жетишилет, анын биринчи катмары болжол менен 3,5 см түзөт жана металл торчосун жабууга арналат. Акыркы шыбактын катмары майда бүртүктүү кум менен колдонулат. Ашыкча кеңири торкреттөөнү чачуудан алыс болуу сунуш кылынат.

Экинчи катмар биринчи катмар катый баштагандан тартып чачыла баштоосу мүмкүн. Аралашманын жетилүүсү аяктагандан кийин эреже катары, 25 МПа деңгээлиндеги мүнөздүү бекемдикке ээ болот.

13.2.2 Цемент менен кумдун аралашмасы инерттик материал жана цементтин ортосунда 4:1 катышында дозаланат. Пайдалануучу инерттик материал эреже катары, 0 дөн 6 мм ге чейинки фракцияга ээ.

Инерттик материал менен цементтин ортосундагы катышты, инерттик материалдын жана жаңы аралашманын кыймылдуулугун эске алуу менен, аралашманын ар бир куб метрине 350 кг цементтин катышында панелдерди

монолиттөө үчүн пайдаланууга пландаштырылып жаткан бетон аралашмасын дозалоонун мүмкүндүгү тууралуу тыянак чыгарса болот.

Аралашмадагы суунун камтылышын инерттик материалдын нымдуулугуна карата көбүрөөк же азыраак жагына өзгөртүлүүсү мүмкүн. Эгерде, алдын ала аралаштырылган продуктыны пайдаланса, анда акиташтын пайызы цементтин салмагына болгон катышы 5% дан төмөн экендигине ынануу керек.

13.2.3 Панелдер орнотулуп, вертикалы боюнча түздөлүп, күчтөндүрүүчү торчолор жаткырылып, инженердик коммуникацияларды жаткыруу үчүн кесилген арматуралоочу торчолор калыбына келтирилгенден кийин ( конструкциянын үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу үчүн) зарылдыгына жараша күчтөндүрүүчү арматура кошулгандан кийин, торкрет-бетонду чачканга кирише берсе болот.

13.2.4 Жумуштарды жамгыр учурунда жүргүзүүгө болбойт, ал эми аткарылган участокторду жууп кетпеши үчүн жабуулоо зарыл.

13.2.5 Курчап турган чөйрөнүн температурасы 4° С дан төмөн болгон учурда чачылбайт, ал эми жогорку температураларда (>35°С) жана желдетүүнүн болушунда чачылган торкрет-бетондун катмары нымдалат же буулануунy болтурбоочу материалдар менен минимум катары 2 мүн. корголот.

13.2.6 Торкреттик шыбактын калыңдыгын толук контролдоо үчүн шыбактын ошол эле материалынан ордунда пайдаланууга мүмкүн болгон багыттагычтарды алдын ала кароо сунушталат. Альтернатива катары, жаракаларды болтурбоо үчүн материал кургай электе алып сала турган металл профилдери колдонулушу мүмкүн.Эки учурда тең багыттагычтар 1,5 м аралыкта жайгаштырылат.

Вертикалы боюнча панелдерди тургузуу жана түздөө үчүн тирөөчтөр бетон долбоордук бекемдигинин 70% нан кем эмеске ээ болгондон кийин алынат, ал эми начар жерлерге (2 проемдун ортосунда жайгашкан панель ж.б.) коюлган тирөөчтөр бетон аягына чейин каткандан кийин гана алынат.

Негизинен бетонду даярдоо, инерттүү материалдардын өлчөмдөрү, отсев менен цементтин пропорциясы боюнча жогорку бөлүм жок, бетонду даярдоонун технологиясын кара.

### 13.3 Торкрет-бетондун жетилиши

13.3.1 Торкрет-бетондун жетилүүсүнүн туура процесси элементтердин зарыл болгон конструкциялык бекемдигин камсыз кылуу үчүн олуттуу шарты болуп эсептелет.

Бетондун кетиши МАСТ 7473 кө ылайык сунушталат.

13.3.2 Бардык жогоруда көрсөтүлгөн чаралар сууну кетирүүчү чөгүү пайда кылуучу көрүнүштөрдү камсыз кылуу менен цементтин нымдалуусуну табигый

процессин камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Бууланууну болтурбоо боюнча пленканы пайдаланууда жасалгалоочу материалды андан кийинки колдонууда жабышуунун мүмкүн болуучу проблемаларын алдын ала текшерүүгө жол берилет.

### 13.4 Жасалгалоо

13.4.1 Торкрет-бетондун жарылып кетишин болтурбоо жана чачылган катмардын андан кийинки бүтүндүгүн калыбына келтирүү үчүн жасалгалоочу материалды чачууну торкрет-бетон толугу менен жетилгенден кийин жүргүзүү сунуш кылынат.

13.4.2 Жасалгалоодо сунуш кылына турган этияттык чаралары:

-дубалды бир жагынан шыбоо менен ашыкча эксцентрикалык жүктөмдөн алыс болуу;

-куроо учурунда, панелди кесүүнүн аркасында торчо жок болсо, үзгүлтүксүздүк күчтөндүрүүчү жалпак торчонун жардамы менен калыбына келтирилет;

-аралашмага пластификациялоочу кошумчаларды кошуу жалпысынан жаракалардын пайда болуу коркунучун кыскартат;

-аралашмага полипропилен булаларын кошуу жалпысынан жаракалардын пайда болуу коркунучун кыскартат;

-жогорку ийкемдүүлүктөгү боектор жана каптоолор штукатуркадагы тегиз эместиктердин пайда болушунун алдын алат.

### 13.5 Дубалдарга предметтерди бекитүү

13.5.1Жеңил предметтерди бекитүү үчүн микробетондун ичине киргизилген узундугу 15-20 мм болгон сайлуу штифттер колдонулат.

13.5.2 Оор предметтерди бекитүү үчүн (текчелер, унитаздардын бачоктору ж.б.) микробетондун ичине киргизилген узундугу 40 мм болгон сайлуу штифттер колдонулат.

13.5.3 Өтө оор предметтерди бекитүү үчүн куроо стадиясында шыбакта орнотула турган ичмектерге металл шиштерди киргизүү керек, же панелди шыбоо аяктагандан кийин сайлуу штифтти эпоксид чайыры менен бекитип койсо болот.

## 13.6 Кош панелдерди пайдалануу менен жасалган дубалдардагы жумуштарды жүргүзүү

13.6.1 Көтөрүүчү дубалдарды тургузуу үчүн кош панелдерди пайдаланууда артыкчылыктуу түрдө конструкциянын төмөнкү бөлүгүнө орнотулуучу кошумча минималдуу арматураны салуу мүмкүн.

Кош панелдерди куроонун баштапкы стадиялары бир кабат панелдерди куроого окшош. Кош панелдердин жардамы менен алынбай турган опалубканын системасы, ошондой эле жылуулук өткөрбөөчү функциясы аткарылат. Бул алынбай турган опалубканын ичине орноткондон, түздөгөндөн жана панелдерди вертикаль боюнча койгондон кийин бетон аралашмасы куюлат.

13.6.2 Панелдерди куроо  келген конструктивдик элементтердин долбоордук талаптарга жана панелдерди жайгаштыруунун маркирленген схемасына шайкештиги аныкталгандан кийин гана ишке ашырылат. Панелдерди транспорттоого, жүктөөгө-түшүрүүгө, ошондой эле жыйууга байланыштуу панелдердин, ички торчолорунун бүтүндүгүнүн бузулушу болбогондугуна, ошондой эле аларды орнотуунун тууралыгына (пенополистиролдун такталарына карата алардын жайгашуусунун аралыгы) ынануу зарыл.

13.6.3 Панелдер болот арматура менен комплекттелген боюнча даярдалат. Тургузулуп жаткан конструкциянын долбоорунун талаптарынын негизинде ушул арматураны жаткыруунун зарылдыгында бул арматураны кошумча арматуралык стержендерди панелдин негизине жана үстүнө байлаштыруу менен обьекттин негизине жаткыруу сунушталат. Кошумча минималдуу арматуранын стержендери торчолордун ичине темирбетондогу талаптагыдай коргоочу катмарды камсыз кылгандай кылып жаткырылат.




13.1-сүрөт – Пайдубалга панелдерди анкердик бекитүү

13.6.4 Панелдер пайдубалга эреже катары үстүнөн бекитилет (13.1-сүр. кара) ошентип, байлаштыруучу арматура панелдин ичине киргизилгендей болуп. Панелдерди орнотуу долбоордун көрсөтмөлөрүнө ылайык

жайгаштырылуучу жана кошулуучу эки панелди бириктирүү үчүн арналганбириктирүүчү скобаларды киргизүү менен коштолот. Бул стадияда панелдерди түздөөгө жана аларды вертикаль боюнча орнотууга, ошондой эле эки чектеш панелдердин пенополистирол такталарынын толук жабышуусуна өзгөчө көңүл буруу сунуш кылынат.

Вертикалдуулуктан мүмкүн болгон четтөөлөр жана панелдердин тегиз эместиктеринин болушу конструкциянын начардыгын күбөлөндүрөт, ал эми пенополистиролдун такталарынын бириктирилиштери боюнча боштуктар термикалык көпүрөлөрдүн пайда болушунун себеби болушу ыктымал. Элементтердин ортосундагы үзгүлтүксүздүктү камсыз кылуу үчүн панелдер ар бир панелди ага чектеш жаткан панелдин торчосу менен бириктирүүгө мүмкүндүк берүүчү тышкы эки капталы боюнча торчонун чыгып туруучу участогу менен жабдылган. Ошону менен панелдердин ортосундагы ички горизонталдык арматуралоонун үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылышат.

13.6.5 Панелди ага чектеш панелге байлаштыруу кол менен бириктирүүдөн тышкары, пневматикалык машиналарды пайдалануу менен аткарылышы мүмкүн. Байлаштыруулар торчонун чыгып турган участкаларын бойлото ар бир 25 см ге бирден байлаштыруу эсебинде (ар бир бешинчи ячейкада) аткарылат.

13.6.6 Жогоруда келтирилген дубалдын толук вертикалдуулугун камсыз кылуунун чаралары тургузулган обьекттеги эксцентритеттердин пайда болушуна жол бербөөгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Куроодо панелдердин жайгашуусунун маркировкалоочу схемасына ылайык долбоор менен каралган проемдорду эске алуу сунушталат.

Жогорудагы эшик/терезе оюктарын орнотуу үчүн мүмкүн болгон кошумча минималдуу арматураны белгилөө үчүн, кайчылаш туташтыргычтар берген колдоону колдонсоңуз болот (13.2-сүрөттү караңыз).




13.2-сүрөт – Кош панелдердин кесилиштеринде жана ортосундагы бурчтарда арматураны салуу

13.6.7 Кош панелдерге арматураны салуу ушул эрежелердин 13.2 пунктуна ылайык ишке ашырылат.

13.6.8 Панелдерди монолиттөөдөн мурда, аларды орнотуунун тууралыгын камсыз кылуу, толугу менен түздөп, вертикалы боюнча орнотуп, бетондоонун динамикалык аракеттерине жакшы туруштук бергендей кылып бекем тиреп бекитүү сунуш кылынат. Пенополистиролдун 25 кг/м$^3$ тыгыздыгынын аркасында кош панель башынан эле монолиттөө стадиясындагы ага келтирилүүчү күчтөргө туруштук берүүгө жөндөмдүү.

13.6.9 Панелдердинкошумча күчтөндүрүүсү панелдердин жазылышы боюнча эки тарабынан тең салынуучу катуулукту берүүчү элементтердин жардамы менен камсыз кылынышы мүмкүн. Бул үчүн панелдердин вертикалдуулугунан тышкары, бетондоо учурунда алардын стабилдүүлүгүн камсыз кылуучу жантык тирөөчтөр менен бекитүүнү кароо сунуш кылынат. Бул жантык тирөөчтөр, эреже катары, бир -биринен 3 м аралыкта жайгашат. Конструкцияга андан аркы бекемдикти берүү үчүн ошондой эле алюминийден кутусымал профилдер, жыгач калкандар, өз ара металл каамыттар, зымдар же панелди тешүүчү чыбыктар менен тартылган тактайларменен дагы пайдаланса болот. Бул элементтерди жабыштырылган бетон аралашмаларынын тийиштүү участокторун монолиттөөдөн кийин кесип жүрбөстөн, жеңил чыгарып алуу үчүнпластик каптоолор менен каптап койуу сунушталат. Бетондоо учурунда өзгөчө күчтүү жүктөм туш келе турган күчтөндүрүүчү элементтердин биринчи катары панелдердин негизи менен дал келүүсү абдан маанилүү.

Э с к е р т ү ү – Тыгыздыгы 30 кг/м$^3$ барабар же андан жогорку панелди колдонуу жогоруда баяндалган ишке ашыруунун мөөнөттөрүн төмөндөтүүчү бекемдөөнүн элементтерин орнотуудан кутулууга мүмкүндүк берет.

13.6.10 Панелдин демейдеги бийиктигине (2,7 м) панелдин негизи боюнча жана андан кийин мурунку катарлардан 40,70, 100 см аралыкта жайгаштырылуучу күчтөндүрүүчү элементтердин 4 горизонталдуу катарын жаткырууга болот. Панелдерге катуулукту берүүнүн элементтери эреже катары, өз ара ар бир 50 см да байланышат. Бетондоонун деңгээлин панелдердин үстүнө чейин жеткирүүгө жол берилбейт жана жогорку кабаттын панелдери үчүн байлоочу арматураны жаткырууга боло тургандай кылып, 30 см ге төмөн кылып бүтүрүшөт. Ички жука катмарын бетондоо жабууну монолиттөө менен бир мезгилде аяктайт.

13.6.11 Бетондоону чектегичтин болушунда панелдин үстүңкү бөлүгүн торчого жана/же жабуунун үстүңкү арматуралык стержендерине бетон аралашмасы келтирген күчтөр менен зыянга учуроосун болтурбоо үчүн 50 см кадам менен байланышты камсыз кылуу сунушталат. Кесилиштердин панелдеринин четтери боюнча тактай менен бүтөөнү кароо менен жерге бекем

орнотулган жантык тирөөчтөрдү орнотуу керек. Ошондой эле жол мененОшондой эле жол менен ар биринен 100см аралыкта жайгаштырылып, тирөөчтөр менен кармалып туруучу проемдордун (эшик, терезенин) үстүн жабуучу элементти жасоо менен күчтөндүрүүгө болот.

Биринчи кезекте, эреже катары өз курамында максималдуу диаметри 12 мм ден ашпаган к инерттүү материалды камтыган, аралашманын жогорку кыймылдуулугуна ээ (S=5)  жана жана долбоор менен каралган механикалык бекемдиги 26 МПадан жогору болгон курулуш аралашмалары боюнча көрсөтмөлөрдү аткаруу керек.

13.6.12 Бетондоо операциясын чакалап куюуу же автоматтык жол менен, бул учурда операцияны жеңилдетүү үчүн бетондоо жана дубалдардын ички бетине берүү үчүн тик бурчтуу кесилиштеги тиешелүү түтүктү мурдатан жаткыруу керек. Бетондоо операциясын акырындык менен, бир жолкуда панелдерди 40-50 см ге толтуруп, бетонду стабилдешүүсү үчүн бир нече мүнөткө калтырып, андан кийин бардык дубалдарды бетондоону улантат. Бетондоонун ылдамдыгын 3/сааттан төмөн жүргүзүү сунушталат.

## 13.7 Дубалдык толтуруулар жана тосмолор үчүн бир кабат панель

13.7.1 Бир кабат панелден тургузулган дубалдын жумуштарынын негизги этаптары төмөнкүдөй ырааттуулукта болот:

1 Пайдубалдагы байланыштыруучу арматураны даярдоо

2 Панелдерди куроо

- Байланыштыруучу арматурага панелдерди байлоо
- Чектеш панелдерди өз ара бириктирүү
- Күчтөндүрүүчү торчолорду салуу

3 Отвес менен панелдердин вертикалдуулугун орнотуу жана панелдерди тирөөчтөр менен тирөө

4 Эшиктин жана терезенин кашектерин орнотуу

5 Имараттын инженердик камсыздоо торчолорун жаткыруу

6 Шыбоо

13.7.2 Биринчи кезекте сымап менен панелдердин вертикалдуулугуна жана тегизделгендигине өзгөчө көңүл буруу менен аларга тийишкен бардык тосмолорду маркирлөөнү аткарууну сунуш кылышат.

Панелдерди бекитүүнү металлдан жасалган, жазылыгы панелдин калыңдыгына барабар кылып  С сымал профилдер менен ишке ашырса болот.

Кийинкисинде байланыштыруучу арматура , эреже катары алдын ала таяныч дубалга талаптагыдай тереңдикте герметиктин , эпоксиддик чайырдын

жардамы менен 40 см аралыкта бекитилет. Андан кийин арматуралык стержендер панелдин периметрине эки тарабынан тең бекитилет.

Анкердик стерженддердин диаметри 6 мм жана узундугу 50 см болушу керек.

13.7.3. Анкерлөөнүн узундугу жана ошондой эле стерженддерди салуунун диаметри и жана аралыгы статикалык жүктөмдөрдүн жана аракеттердин келтирилишинин фактывлык схемаларын ылайык текшерилет.

13.7.4 Панелдер астына төшөөчү катмарды аткарганга чейин жана башка тарабынан бардык анкерлегич тешиктер жасалгандан кийин, ал эми чыгып турулардын жайгаштыргандан кийин панелдин тарабына ылайык куралат.

Панель байланыштыруучу арматурага бир жагынан бекитилгенден кийин, байланышты башка тарабынан анкерлөөгө жана аларды дубалга бекитүүгө киришүүгө болот.

13.7.5 Панелге шыбакты баштоодон мурда панелдерди сымап менен орнотууга өзгөчө көңүл бөлүнөт. Тышкы дубалдардын зарыл болгон бекемдигин камсыз кылуу үчүн цинктелген болотту пайдалануу сунуш кылынат.

13.7.6 Обьектте панелдерди монолиттөө үчүн кайсы болбосун цемент шыбакты, анын ичинде кургак аралашмадан даярдалганды, демейдеги техникалык методдорго ылайык 2-2,5 см калыңдыктагы катмарда шыбап, даярдоочу-жөнөтүүчүнүн көрсөтмөлөрүнө ылайык пайдалануу керек.

Шыбакта жаракалардын пайда болушун болтурбоо үчүн шыбактын биринчи катмарын арматуралоочу торчо араң эле жабылгандай кылып, андан кийинки акыркы катмарды биринчи катмар катый баштаганда шыбай баштоо сунуш кылынат. Керектүү жасалгалоочу катмарды шыбак жакшы кургагандан кийин гана шыбаса болот.

### 13.8 Бетондоодон мурда жана кийин анкердик стерженддерди койуу

Байланыштыргыч торчолорду туура койуу үчүн панелдин калыңдыгына барабар +2 мм торчонун ø2,5 мм диаметрине барабар аралыкты эсепке алгыла.

Стерженддер панелдин эки тарабына тең, жайгаштыруу кадамы шахматтык тартипте салынат.

Мында стерженддерди бир тарабына салып туруп, панелди орнтопуп, андан кийин башка тарабынан стерженддер салынат.

### 13.9 Панелдерди чогултуу

Панелдерди чогултууну бир бурчунан баштап, тик бурчтук формасын сактоо менен эки тарабына жылдыра берет. Ошондой эле ыкма менен өзүнчө бөлмөлөрдүн дубалдарын куроо сунушталат. Айрым учурларда, зарыо болгондо,

бир узун дубалды тургузушат жана ага перпендикулярдуу жайгашкан дубалдарды имараттын алдыңкы фасадынын багытына карата орнотушат.

## 14 Жумуштарды жүргүзүү боюнча жана кабыл алуудагы негизги талаптар

14.1 Жаңы курулушта АППны куроо, АППны куроого арналган тышкы дубалдарды куроо тиешелүү акт менен таризделет.

14.2 Бүткөн бетон жана темирбетон конструкцияларын же курулмалардын бөлүктөрүн кабыл алууда төмөнкүлөрдү текшерүү сунушталат:

- конструкциялардын жумушчу чиймелерге шайкештигин;
- долбоордо көрсөтүлгөн бетондун бекемдиги жана башка көрсөткүчтөрү боюнча сапатын;
- жабык жумуштарга актылар жана жооптуу конструкцияларды кабыл алуу актысы менен тастыкталган колдонулуп жаткан материалдардын белгиленген талаптарга жооп беришин.

14.3 Дубалдардын, туташтыргычтардын бетондорду жетишсиз тыгыздоонун жана арматуранын ачык калышы менен пайда болгон дефекттерге жол берилбейт.

Монолиттик участкалардын ортосундагы вертикалы жана горизонталы боюнча четтөөлөрдүн жол берилген мааниллериКР КЧжЭ 52-01 көрсөтүлгөн долбоордук элементтердин узундугунан, жергиликтүү тегиз эместиктердин чоңдугунан ашпоосу керек.

14.4 Дубалдардын параметрлеринин КР КЧжЭ 52-01 көрсөтүлгөн маанилерден олуттуу четтөөлөрүндө АПП системасын колдонуу боюнча чечимди системаны иштеп чыгуучу (даярдоочу) менен макулдашуу боюнча долбоордук уюм кабыл алат.

14.5 АПП ны куроону техникалык документация менен толук шайкештикте жана ППР де көрсөтүлгөн технологиялык ырааттуулукта аткаруу сунуш кылынат. Операциялык контроль, анын натыйжаларын документтөө, жабык жумуштарга актыларды түзүү жана контроль тарабынан аныкталган дефектилерди четтетүү КР КЧжЭ 12-02 көрсөтүлгөн талаптарга ылайык жүргүзүлөт.

14.6 АППны куроону долбоорго ылайык аны имараттын коргоочу конструкцияларына байлагандан кийин, аткаруу схемасынын (геодезиялык сьемкалардын натыйжалары боюнча) жана геометриялык өлчөөлөрдүн негизинде жүргүзүшөт.

14.7 АПП ны куроону долбоордо каралган технологиялык ырааттуулукта, операцияларды аткаруунун сапатын текшерүү жана жабык иштерге актыларды түзүү менен жүргүзүшөт.

14.8 Системаны куроону алар боюнча панелдер орнотула турган маяктарды орнотуудан баштайт. Панелдерди жана багыттагычтарды кармагычтардын чектеринде орнотууну жана бекитүүнү ППР де кабыл алынган схемага ылайык (үстүнөн ылдый же астынан жогору) жүргүзүшөт.

14.9 Көтөрүүчү жана жасалгалоочу элементтер алардагы баштапкы чыңалуусуз орнотулат.

14.10 Жылуулук өткөрбөөчү такталарды долбоордо көрсөтүлгөн схема боюнча орнотушат. Долбоордо бекитүүчү элементтердин минималдуу жол берилген саны көрсөтүлөт.

14.11 Транспорттоодо, сактоодо жана куроодо жылуулык өткөрбөөчү такталарды нымдалуудан корголот.

## 15 Бир кабат панелдерди куроодогу талаптар

15.1 Курулуш аянтчасында панелдер аларды металл торчо менен пайдубалдын байланыштыруучу арматурасына байлоочу күйгүзүлгөн болот зымдын жардамы менен курашат. Панелдердин элементтеринин арасында үзгүлтүксүздүктү камсыз кылуу үчүн бир-бирине жабыша турган панелдерди бириктирүү үчүн арналган эки тарабынан тең чыгып туруучу торчо менен жабдылган.

15.2 Панелдерди куроодо панелдерди түздөө жана алардын вертикалдуулугун текшерүү сунуш кылынат. Вертикалдык октон четтөөлөр конструкциянын начардыгын күбөлөндүрөт, бириктирүүлөрдүн ортосундагы боштуктар шыбактын бир калыпта эмес жатышынын себеби жана термикалык көпүрөлөрдүн пайда болушунун булагы болуп эсептелет.

15.3 Панелдерди жайгаштыруунун маркирлөөчү схемасында каралбаган проемдор куроо аяктагандан кийин панелдерде кесилиши мүмкүн.

15.4 Панелди ага жабышуучу башка панелге байлоо кол менен бириктирүү жана пневматикалык машиненин колдонуу менен аткарылышы мүмкүн. Байлоо торчонун чыгып туруучу участокторундагы зымды бойлой, ар бир клеткага бирден байлоо эсебинде аткарылат.

15.5 Панелдерди куроо, эреже катары курулуп жаткан имараттын бурчунан баштоо керек.

15.6 Куроону тургузулуп жаткан дубалдардын түз сызыктуулугун жана вертикалдуулугун нивелирлерди же отвести колдонуу менен дыкат текшерүүдөн кийин баштоо керек.

15.7 Дубалдардын түз сызыктуулугункамсыз кылуу үчүн узундугу 4 м жана жөнгө салынуучу диагоналдык тирөөчтөрү бар жана 3 -сүр ылайык, полго бекем

бекитиле турган алюминийден куту сымал профилдерди колдонуу сунуш кылынат. Демейдеги кабат аралык дубалдар үчүн панелдердин үстүңкү бөлүгүндө бир кутусымал профилди ар бир 3 метрдеги тирөөчтөрү менен орнотуу жетиштүү болот.

15.8 Диагоналдык тирөөчтөр дубалдын бир тарабынан монолиттөө үчүн ал эми башка тарабынан дубалдарды торкреттөө үчүн жайгаштырылат. Дубалдын тирөөчтөрдөн бош тарабына торкрет-бетондун биринчи катмарын жапкандан кийин гана дубалдын башка тарабындагы тирөөчтөрдү алууга жана торкреттөөнү баштоо сунушталат.

Жогоруда көрсөтүлгөн чаралар тургузулган обьекттеги кооптуу эксцентриситеттердин орун алышына мүмкүндүк бербейт.

## 16 Жумуштарды аткарууга контролдук

16.1 АППны куруу боюнча жумуштардын бардык этаптарында өзүнө долбоордук документациянын, конструкциялардын, буюмдардын, материалдардын жана жабдуунун кирүү контролун, айрым курулуш процесстеринин же өндүрүштүк операциялардын жана жумуштардын орто аралык жана акыркы кабыл алуу циклдеринин контролун камтыган КР КЧ 12.02 талаптарынын ченемдик талаптарына ылайык контролдукту аткаруу сунуш кылынат.

16.2 Кирүү контролунун натыйжалары МАСТ 24297 боюнча каттоо журналында жазылат.

16.3 АПП нын элементтеринин мүнөздөмөлөрүнүндолбоордун талаптарына жана өндүрүүчүнүн документациясына шайкеш эместиги аныкталган учурда, АППнын шайкеш келбеген элементтери курулушта колдонууга жол берилбейт. Алар изоляцияланат, колдонуудан алынып салынат жана “брак” деген жазуу менен маркирленет.

## 17 АПП нын эксплуатациялоонун негизги эрежелери

17.1 Курулуштун процессинде жана имараттарды эксплуатациялоодо долбоордо каралгандан тышкары түздөн-түз панелге кошумча түзүлүштөрдү жанга деталдарды бекитүү сунушталбайт.

Каркастын жана экрандын конструкциясына көрнөктөрдү, жарнамалык орнотмолорду, жарык берүүчү приборлорду ж.б. бекитүү сунуш кылынбайт.

17.2 Эксплуатациялоонун ар бир 4 жылында панелдин жана алардын бекитүүлөрүнүн техникалык абалына пландуу изилдөөлөрдү жүрүзүү сунуш

кылынат. Изилдөөлөр адистештирилген уюмдар тарабынан имараттардын ээлери же эксплуатациялоочу уюмдар менен түзүлгөн келишимдер боюнча жүргүзүлөт.

## А тиркемеси

## АПП дан эсептик моделдерге жалпы көрсөтмөлөр

А.1 АПП дан турган имарттардын эсептик схемалары төмөнкүдөй классификацияланат:

- мейкиндиктик ишти эсепке алуунун мүнөзү боюнча (үч өлчөмдүү);
- белгисиздердин түрү боюнча (дискреттик, дискреттик -континуалдык жана континуалдык);
- эсептик схеманын негизине алынган конструкциянын түрү боюнча (пластиналуу, комбинирленген).

А.2 Имараттын үч өлчөмдүү (мейкиндиктик) эсептик схемасы ага салынган күчтөрдүн мейкиндиктик системасын кабыл алууга жөндөмдүү мейкиндиктик система катары каралат. Үч өлчөмдүү эсептик схема көтөрүүчү конструкциялардын өз ара аракетинин өзгөчөлүктөрүн абдан так эске ала алат.

А.3 Пластиналык эсептик схемаларда имараттын дубалдары жана жабууларыкөбүнчө айрым түйүндөрдө бириктирилгенжука тегиздиктик элементтердин системасы катары (пластинкалар) каралат. Айрым пластинкаларды эсептөө үчүн серпилгичтик теориясынын сандык методдорун колдонушат (торчолор методу, түз вариациялык, акыркы элементтерди методу ж.б.).

А.4 Комбинирленген эсептик схемаларда имарат пластиналык-стержендуу система катары каралат. Мындай эсептик схемаларды көбүнчө каркастык элементтер жана дубалдар айкалышкан имараттарды эсептөө үчүн колдонууну сунушташат.

А.5 АПП дан турган имараттардын эсептик схемасын тандоо кабыл алынган конструктивдик система менен, ошондой эле алардын негизине салынган жол берүүлөр менен аныкталуучу ар түрдүү эсептик схемаларды колдонуунун чектелген чөйрөлөрүн эске алуу менен шартталган.

А.6 Эң мыкты болуп пластиналардын мейкиндиктик (үч өлчөмдүү) системасы түрүндөгү же (жана) ортосунда дискреттик байланыштары бар стержендер түрүндөгү эсептик схемалар эсептелет. Мындай эсептик схемаларда эсептөө үчүнкөбүнчө акыркы элементтердин методун колдонууну сунуш кылышат. АППдан турган имараттардын конструктивдик системасынын акыркы элементтердин методун колдонуу менен эсептик схемасы көтөрүүчү ички жана тышкы дубалдык панелдердин, жабуулардын такталарынын (жабуулардын), тепкичтик аянтчалар жа марштардын, болот байланыштарынын, пайдубалдардын элементтеринен турушу керек жана ички пенополистиролдук катмарлардын жумшактыгын жана негиздин жумушун эске алышы керек.

А.7 Имараттын жалпы эсептик моделинде негиздин жумушу негиздин жалпы кабыл алынган эсептик моделдерин колдонуу жолу менен эске алынат.

Акыркы элементтердин методун пайдаланууда акыркы элементтердин ар кандай түрлөрүн же берилген жумшактыгы менен эң четки шарттарын колдонушат. Түркүктүк же түркүктүк -такталык пайдубалдарды пайдаланууда өзүнчө моделдөөгө же алардын грунт менен биргелешкен жумушун жалпылап, төшөлмөнүн келтирилген коэффициентин пайдалануу менен бирдиктүү негиз катары эске алууга жол берилет.

## Б тиркемеси

## Материалдардын техникалык мүнөздөмөлөрү

Панелдер пенополистирол такталарынан жана болот зымдан жасалган тордон турат. Пенополистирол такталары МАСТ 15588 ге ылайык жасалышы керек. Тактаны жасоо үчүн бөлүкчөлөрүнүн өлчөмү 0,9-1,4 болгон ПСВ-С тибиндеги 31 маркасындагы өзү өчүп калуучу көбүрүүчү пенополистирол колдонулушу керек.

Б.2 Кеңейтилген материалдын панелинин тыгыздыгы:

- бир кеңейтилгенден кийинки кг/м$^3$ 15;
- эки кеңейтилгенден кийинки кг/м$^3$ 10;

Кеңейтилген материалдын кош панелинин тыгыздыгы:

- бир кеңейтилгенден кийин кг/м$^3$ 25.

Б.3 Болот конструкцияларын ширетүү типтүү же атайын технологиялык нускамалар түрүндө таризделген технологиялык документацияга ылайык же ширетүү иштерин жүргүзүү долбоору же даярдоочу ишкана тарабынан бекитилген жана өндүрүшкө кабыл алынган жумушчу документация боюнча жүргүзүлүшү керек.

Б.4 Панелдерде геометриялык өлчөмдөрдөн четтөөлөргө жол берилет:

• 6000 мм ге чейинки панелдерде тик бурчтуулук эместик, 6000 мм ден жогору 2/4 мм;

• узата жээктеринин түз сызыктуулук эместиги ± 1,0 мм 1 м.ге;

• панелдин бетинин тегиз эместиги:

- талаа боюнча 2,5 мм;
- четтери боюнча 1,0мм.

Б.5 Панелдердин тышкы көрүнүшү таза болушу керек. Тешиктер, жаракалар, тордун зымдарындагы даттын издерине жана панелдердин бетиндеги майдын тактарына жол берилбейт. Дат ширетүү орундарында гана жол берилет.

Б.6 Көбүктөнүүчү полистирол тышкы көрүнүшү боюнча сүттүн түсүндөй болгон сфералык формадагы жарым-жартылай тунук бөлүкчөлөрдөн турат. Күрүч жана жасмык түрүндөгү формаларынын болушуна жол берилет.

Б.7 Болуп көрүнгөнтыгыздыкты ($\rho$), кг/м$^3$ аныктоо.

Болуп көрүнгөн тыгыздыкты МАСТ 409 боюнча жүргүзүшөт. Сыноолорду пенополистиролдун үч үлгүсүндө жүргүзүшөт.

$$\rho = \frac{M \times 10^6}{l \times d \times b} \quad \text{(Б1)}$$

формуласы менен аныкталат,

бул жерде $M$ – үлгүнүн массасы, г; $l$ – үлгүнүн узундугу, мм;

*d* – үлгүнүн калыңдыгы, мм; *b* – үлгүнүн жазылыгы, мм.

Пенополистиролдун справкалык көрсөткүчтөрүнүн таблицасы Б.1 таблицасында келтирилди.

Б.1 т а б л и ц а с ы – Пенополистиролдун справкалык көрсөткүчтөрү

| Көрсөткүчтүн аталышы | Төмөнкү маркалардагы такталар үчүн көрсөткүчтүн мааниси | | | | | | | Сыноонун методу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ППС 15 | ППС 20 | ППС 25 | ПП С30 | ПП С35 | ПП С40 | ПП С45 | |
| 1. Тыгыздык (болуп көрүнгөн), кг/м$^3$, кем эмес | 15 | 20 | 25 | 30 | 35 | 40 | 45 | МАСТ 15588 боюнча |
| 2. 10%-деги түз сызыктык деформациядагы кысууга карата бекемдик, кПа, кем эмес | 100 | 150 | 180 | 200 | 250 | 300 | 350 | МАСТ 15588 боюнча |
| 3. Ийилүүдөгү бекемдиктин чеги, кПа, кем эмес | 180 | 200 | 250 | 400 | 450 | 500 | 550 | МАСТ 15588 боюнча |
| 4. (10±1)°С температурадагы такталардын кургак абалындагы жылуулук өткөргүчтүгү (283К), Вт/(м·К), ашык эмес | 0,037 | 0,036 | 0,036 | 0,035 | 0,036 | 0,036 | 0,036 | МАСТ 7076 боюнча |
| 5. (25±5)°С температурадагы такталардын кургак абалындагы жылуулук өткөргүчтүгү (298К), Вт/(м·К), ашык эмес | 0,039 | 0,038 | 0,038 | 0,037 | 0,038 | 0,038 | 0,038 | МАСТ 7076 боюнча |
| 6. Нымдуулугу, массасы боюнча %, ашык эмес | 1,0 | 1,0 | 1,0 | 1,0 | 1,0 | 1,0 | 1,0 | МАСТ 15588 боюнча |
| 7. 24 с. ичиндеги сууну сиңирүүсү, көлөмү боюнча %, ашык эмес | 1,5 | 1,5 | 1,0 | 1,0 | 0,5 | 0,3 | 0,2 | МАСТ 15588 боюнча |
| 8.Өз бетинче күйүүнүн убактысы, с, ашык эмес | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | МАСТ 15588 б.ча |
| 9. Отко туруктуулугу | В2 | В2 | В2 | В2 | В2 | В2 | В2 | - |

# В тиркемеси

## Чектүү абалдары боюнча бир кабат панелдердин эсеби

### В.1 эсептөөнүн негизги жоболору

В.1.1. Панелдердин эсептөөлөрүн ушул бөлүмдүн сунуштарына ылайык аткарышат.

В.1.2 Биринчи жана экинчи топтун чектүү абалдары боюнча панелдерди эсептөөдө жалпы учурда конструкциянын катмарларынын биргелешкен жумуштарын эске алуу сунушталат. Бул учурда ийкемдүү байланыштын эсептик узундугу төмөнкүгө барабар деп кабыл алынат:

$$I_{св}=h_{ут}+5d_{св} \qquad (В.1)$$

бул жерде $h_{ут}$ -жылуулук изоляциялоочу катмардын калыңдыгы; $d_{св}$– байланыштын диаметри.

В.1.3 АПП панелдерин чектүү абалдардын биринчи тобу боюнча эсептөөдө жумуштун шарттарынын $m_{бз}$ коэффициентин КР КЧ 52-02 (эксплуатациялоонун шарттары I) эске алууну сунушташат.

В.1.4 Эксплуатациялык стадиядагы панелдердин эсептик ийилүүлөрү АПП панелдери үчүн $l=l_p$-9,2м. барабар чектүү маанисинен ашпоосу керек.

В.1.5 панелдердеги жаракалардын $a_r$ ачылышынын эсептик жазылыгы жүктөмдүн кыска убакыттагы аракетинде 0,4 мм ден, узак убакытта 0.3 ммден ашык болбошу керек.

### В.2 АПП панелдерин эсептөө

В.2.1 АПП панелинин бекемдигин бардык күчтөр конструкциянын көтөрүүчү катмарлары тарабынан кабыл алынат, деген божомол менен эсептөө сунуш кылнат. Катмарлардын биргелешкен жумушу деформацияларды аныктоодо гана эске алынат.

В.2.2 Жогоруда жаткан панелдердин массасынын таасири менен шартталган узата күч 1.0 см ге барабар кокусунан болгон эксцентритет менен эсептөөдө эске алынышы керек.

В.2.3 Панелдин бекемдигин текшерүүнү (В1 сүр.) шартынан жүргүзүүнү сунуш кылышат

$$N_{в}=K_{пр}\,ex\left(h_{он}-\frac{x}{2}\right)+R_{ac}F'_{a}(h_{он}-a') \qquad (В.2)$$

Бул учурда кысылган зонанын бийиктиги төмөнкүдөй аныкталат:

а) $\xi = \frac{x}{h_{он}} \le \xi_R$ болгондо

$$x = \frac{N + R_a F_a - R_{ac} F_a^{/}}{R_{пр} в}; \text{ шартынан} \qquad \text{(В.3)}$$

б) $\xi > \xi_R$ шартынан болгондо

$$x = \frac{N + \frac{1+\xi_R}{1-\xi_R} \cdot R_a F_a - R_{ac} F_a^{/}}{R_{пр} в + \frac{2 R_a F_a}{(1-\xi_R) h_{он}}}. \qquad \text{(В.4)}$$




В.1-сүрөт ‑ АПП панелин эсептөөгө

$x \le 2a^{/}$ Болгондо кысылган арматура эсептөөдө эске алынбайт

$\xi_R$ кысылган зонасынын чек аралык салыштырмалуу бийиктиги төмөнкү формула менен аныкталат

$$\xi_R = \frac{\xi_o}{1 + \frac{R_a}{4000}\left(1 - \frac{\xi_o}{1{,}1}\right)}. \qquad \text{(В.5)}$$

$\xi_o$ бетондун кысылган зонасынын мүнөздөмөсү менен аныкталат.

$$\xi_o = a - 0{,}0008 R_{пр} \qquad \text{(В.6)}$$

мында тиешелүү түрдө $a$=0,85 жана $a$=0,8 оор бетон жана көпшөк толтургучтуу бетон үчүн.

Эгерде, эсептөөдө жумуш шартынын $m_{б1}$=0,85 коэффициенти эске алынса, анда (В.5) формуласына 4000 чоңдугунун ордуна 5000 коюлат.

В.2.4 Панелдерди эсептөөдө ийилүүнүн панелдин кесилишинин узундугу боюнча орточо күчүнүн чоңдугуна таасирин бардык күчтөрдүн эксцентрситетине$e_o$ курамдык кесилишинин оордук борборуна карата коэффициентке көбөйтүү жолу менен эске алышат.

$$\eta = \frac{1}{1-\frac{N}{N_{кр}}}, \qquad (В.7)$$

Бул жерде $N$ – бардык узата күчтөрдүн бирдей аракети; $N_{кр}$–шарттуу кескин күч,

$Nкр$ –шарттуу кескин күчтүн чоңдугу төмөнкү формула боюнча аныкталат:

$$N_{кр} = \frac{6{,}4E_б}{l_p^2}\left[\frac{\bar{J}_o}{K_{g1}}\left(\frac{0{,}11}{0{,}1+l_o/h}+0{,}1\right)+nJ_a\right], \qquad (В.8)$$

Бул жерде $\bar{J}_o$ - панелдин катуулугунун мүнөздөмөсү,; $nJ_a$- курамдык кесилиштиноордук борборуна карата бүткүл арматуранын инерциясынын келтирилген моменти (анын ичинде тосмолоочу катмардын арматурасы дагы); $kg_n$ төмөнкү формула менен эсептелүүчү коэффициент:

$$K_{gn} = 1+\frac{M_i^{an}}{M_i}. \qquad (В.9)$$

(В.9) формуласында $M_i$ салыштырмалуу чоюлган ( аз кысылган) тосмолоочу же көтөрүүчү катмардын бардык жүктөмдөрдүн аракетинин моменти, $M_i^{gn}$- ошол эле, бирок туруктуу жана узак жүктөмдөрдөн.

В.2.5 АПП панелдеринин эсептик ийилүүсү формуласы менен аныкталат.

$$f = \frac{N}{1{,}25N_{кр} - N},$$

Бул жерде $N_{кр}$ - ченемдик жүктөмгө шайкеш болгон $K_{gn}$ жана $e_o$, маанисинде (В.8) формуласы боюнча эсептелген шарттуу кескин күч.

В.2.7 Жаракалардын ачылышынын эсептик жазылыгы ушул сунуштамалардын В.1.5 п боюнча, көтөрүүчү катмардын жумушчу катмарына гана тиешелүү болгон μ маанисинде. Арматурадагы чыңалуу $\sigma_a$ бул учурда формуласы менен эсептелет.

$$\sigma_a = \frac{N(e-z_1)}{F_a z_1}, \qquad (В.10)$$

Бул жерде $z_1$ – көтөрүүчү катмардын кысылган жана чоюлган арматуранын борборлорунун ортосундагы аралык; кысылган арматуранын жоктугунда $z_1=0{,}9h_{он}$.

е эксцентритетинин бийиктиги жүктөмдөрдүн ченемдик маанилериндеги ушул методикалык сунуштамалардын көрсөтмөлөрүн эске алуу менен жана 25% чоңойтулган $N_{кр}$ чоңдугунда аныкталат.

$e \leq z_1$ болгондо жаракалардын ачылышынын жазылыгы боюнча эсептөө жүргүзүлбөйт.

## Г тиркемеси

## Бир кабат жана кош панелдерден АПП конструктивдик чечилиштерине талаптар

Г.1 Бир кабат панелдер көбүртүлгөн пенополистиролдон жасалган фасондуу ичмектин эки тарабы боюнча эки болот тор менен капталып жасалат. Торлор өз ара цинктелген болот зымдардын жардамы менен байланыштырылган. Өндүрүлүп жаткан панелдердин жазылыгы эреже катары, эселенген 120 см, ал эми техникалык талаптарга жараша өзгөрүлмө болот. Мындай панелдер дубалдар, жабуулар жана тепкичтик марштар үчүн колдонулат.

Г.2 Панель торкрет бетон менен шыбалган эки тышкы катмардан, четтери боюнча цинктелген болот торлордон жана көбүртүлгөн пенополистиролдон ички ичмегинен турат (Г.1-сүр. кара), ал имараттардын жана курулмалардын фасаддарынын, дубалдарынын, тосмолорунун, шыптарынын, тепкичтик марштарынын жана шыптык жабууларынын тосмолоочу конструкциялары катары пайдалануу үчүн арналган.

Г.3 АППдан жасалган конструкциялар калыңдыгы 35 мм ден кем эмес торкретбетондун эки тышкы катмарынын чачылышы менен айырмаланат. Торкрет бетон панелдерди куроо бүткөндөн кийин чачылат. Бетондун классы В25 тен кем эмес колдонулат.

Г.4 Тосмолоочу конструкцияларды эсептөөдө тышкы беттеринин температурасынын өзгөрүүлөрүнүн маанилерин жылдын жайкы жана кышкы мезгилдериндеги абанын тышкы температураларынын эсептик маанилеринен алып аныкташат. Мында жайкы мезгилде күн радиациясынын таасири эске алынат.

Г.5 Тосмолоочу конструкциялардын минималдык калыңдыгы КР КЧжЭ 23-01, КР КЭ 23-101 талаптарына ылайык жылуулук техникалык эсеп боюнча дайындалат.

Тосмолоочу конструкциялардын тышкы жана ички беттеринин арасындагы температуранын эсептик айырмасын имаратты эксплуатациялоонун ички температуралык режимин эске алуу менен кабыл алышат.

Г.6 Имараттардын жаңы конструктивдик чечилиштери курулушта массалык колдонууга чейин тиешелүү сыноолордон өтүүгө жана/же эксперименталдык апробациядан өтүүгө жиберилет.

Ичмек менен жасалуучу тосмолоочу конструкциялардын элементтеринин бирикмелери (витриналардын, витраждардын, терезелердин жана эшиктердин) тажрыйбалык конструкцияларда текшерилет.




Г.1-сүрөт – Торкретбетондун эки катмары менен бир кабат панель

Г.7 Тосмолоочу конструкцияларды долбоорлоодо жылыткыч үчүн материалды тандоо тосмолочу конструкциялардын тышкы жана ички беттеринин температурасынын эсептик айырмасынын чоңдугун эске алуу менен жүргүзүлөт.

Г.8 Кош панелдердин жардамы менен алынбай турган опалубканын системасы аткарылат, ошондой эле жылуулук изоляциялоочу функциясы. Бул алынбай турган опалубканын ичине , орноткондон, түздөгөндөн жана панелдерди вертикалы боюнча койгондон кийин бетон аралашмасы куюлат ( Г.2 сүр. кара)

Г.9 Панелдердин кесилишкен жерлеринде жана проемдордун жана дубалдардын акыркы участоктору жайгашкан жерлерде вертикалдуу арматура түрүндөгүадекваттуу күчтөндүрүүчү элементтерди койуу сунуш кылынат. Арматура байланган (жана панелге комплекстүү киргизилген) же тышынан киргизилген швеллерлер менен чектелгенболушу мүмкүн. Милдеттүү түрдө дубалдардын үзгүлтүксүздүгү камсыз кылынат, ал тургай шарнирлер формасында, конструкциянын анализинин негизинде аныкталган жылдыруучу күчтөргө карата.

Дубалдык жана/же устундук панелдерге коюлуучу горизонталдык жана вертикалдык арматурадан башка бир кабат панелдерден турган конструкциялар үчүн демейде колдонула турган арматуранын түрлөрүн дагы кароо сунуш кылынат ( түз жана күчтөндүрүүчү торлор).

Г.10 Панелдин демейдеги бийиктигине (2,7 м) 4 катар горизонталдык күчтөндүрүүчү элементтер панелдин негизи боюнча, андан кийин мурдакы катарлардан 40, 70, 100 см аралыкта жаткырылышы мүмкүн. Панелдерге катуулукту бере турган элементтерди өз ара ар бир 50 см де бириктирүүгө жол берилет. Бетондоонун деңгээлин панелдердин үстүнө чейин жеткирүүгө жол берилбейт жана үстүңкү кабаттын панелдери үчүн байланыштыргыч арматураны салуу үчүн 30 см. ылдый аякташы керек. Ички катмарды бетондоо жабууну монолиттөө менен бир убакта аяктайт.




Г.2-сүрөт - Бекитилген электрширетилген болот торчолору менен эки пенополистриолдук такталардан турган кош панель

Бетондоону чектегичтин болушунда панелдин жогорку бөлүгүн торчого жана/же жабуунун 50 см кадамдуужогорку арматуралык стерженδерине бетон аралашмасы келтирүүчү күчтөр менен пайда болуучу зыянды болтурбоо үчүн байлоону камсыз кылуу унуш кылынат. Кесилиштердин панелдеринин четтери боюнча аларды тактайлар менен бүтөөгө жана жерге бекем орнотулган жантык тирөөчтөрдү орнотууга жол берилет. Ошондой эле жол менен бир биринен 100 см аралыкта жайгашычуучу тирөөчтөр менен кармалып туруучу проемдорду (эшик жана терезе) күчтөндүрүүчү элементтерди жасоого жол берилет.

Г.11 Ширетилген бирикмелүү конструкцияларды долбоорлоодо төмөнкүлөр сунушталат:

- ширетүүнүн жогорку өндүрүмдүү мехнаизацияланган ыкмаларын колдонуу;
